14 **Устаз, кайненем балдарымды каргайт!?!**



3 **Адам укугу оюнчукпу?**




# САРЕСЕП

17-декабрь, 2015-жыл
№31 (31)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Виза, турист, террорист

7-бетте



Акыркы үмүтүм – акыйкат чечим

11-бетте



Кумар оюндун картасына айланган мусулман өлкөлөрү

12-бетте

## Камсыздандыруу каптаганы турат



5-бетте







## Интерполдогу кыргыз өкүлчүлүктүн бир кызматкери гана сынактан өттү

Интерполдун кыргыз бюросунун өздүк курамында 14–15-декабрда кадрдык сынак өткөрүлдү. Кыргызстандын Ички иштер министрлигинин басма сөз кызматы кабарлагандай, анын жыйынтыгында бир гана кызматкердин кесипкөй экени, өз кызматын так биле турганы аныкталды. Төртөө 6 айдан кийин кайра сынак тапшыра турган болушту. Ал эми өтпөй калган дагы бир кызматкерге министрликтен башка жумуш сунушталмакчы. Сынакта адистердин физикалык даярдыгы, курал-жарактарды колдоно билүүсү жана чет тил деңгээли текшерилди.



## 15-49 жаш курагындагы аялзаттын 21,9 пайызы турмуш кура элек

Үй-бүлө чарбаларынын статистикасы боюнча башкармалыктын башчысы Галина Самохлебдин айтымында өлкөбүздөгү 15 жаштан 49 жашка чейинки аялзаттын 21,9 пайызы өмүрүндө бир да жолу турмушка чыккан эмес. Бул тууралуу Самохлеб 16-сентябрда Кыргызстандын бардык аймактарында 2014-жылы жүргүзүлгөн көп багыттуу топтук изилдөөнүн натыйжасын угузууга арналган тегерек үстөлдө билдирген.

Бул изилдөөдөн төмөнкү натыйжалар да алынган. Учурда Кыргызстандагы 15-49 жаш аралыгындагы аялзатынын 69,3%ынын үй-бүлөөсү бар. Алардын 71,7%ы өмүрүндө бир жолу төрөгөн. Акыркы 2 жыл ичинде 24,4%ы балалуу болгон. Аялзатынын 0,8%ынын сабаты жок. 54,7%ынын жалпы негизги билими бар. 18,4 пайызы башталгыч, орто жана кесиптик билимге ээ. 26,0%ы жогорку билимдүү.

Үй-бүлө чарбаларынын статистикасы боюнча башкармалыктын башчысынын айтымында изилдөө учурунда 15тен 24 жашка чейинки кыз-келиндин 99,3 пайызы сабаттуу. 0,7%ы кыска сүйлөмдү окуй албайт. Алардын 0,2%ы Ош, 0,5%ы Жалал-Абад облусунун тургундары.

# Унааңды жүктөп кетет

ЖКнын профилдик комитети туура эмес жерге коюлган унааны ээси жокто жүктөп кетүүнүн тартип-эрежесин Өкмөт аныктай тургандыгы тууралуу мыйзам долбоорун жактырды

ЖКнын Транспорт, коммуникация, архитектура жана курулуш боюнча Комитети 15-декабрда КРнын административдик жоопкерчилик Кодексине кошумча түзөтүү киргизүү боюнча мыйзам долбоорун жактырды. Мыйзам долбоордо унааларды эвакуациялоо боюнча тартип-эрежелерди Өкмөт аныктамай болду.



Бүгүнкү күндө унаа каражаттарын эвакуациялоонун процедурасын регламенттеген керектүү мыйзамдык актылар бекитиле элек.

Административдик жоопкерчилик боюнча Кодекстин учурдагы редакциясы жол кыймылына тоскоол болгондугу үчүн, унаа токтотуу эрежесин (стоянка, парковка) бузгандыгы үчүн, унаанын жол кырсыгына тиешеси болсо, айдоочу же ээси жокто унаасын атайын токтотуучу жайга жүктөп кетүүгө жол берет.

Республика – Ата-Журттун депутаты Бактыбек Сыдыков: "Парковкаларды жайгаштыруу боюнча мэрия менен сүйлөшүп, Москванын иш-тажрыйбасын пайдаланыш керек. Эгерде борбор шаарга парковка үчүн акча төлөй турган автоматтарды орнотуп койсок, бардыгы төлөй башташат", – деп эсептейт. Анын бул оюн "Бир Бол" партиясындагы кесиптеши Кубанычбек Жумалиев дагы колдой турганын билдирген.

# Алгачкы касапкана ишке киргизилет

Ушул жылдын октябрь айында Чүй облусунда жаңы технологиялар менен камсыздалып, Евразия экономикалык биримдиктин бардык талаптарына ылайыкташтырылып салынган касапкана ачылган. Ал 18-декабрда толук ишке киргизилип, алгачкы күндөрү атайын чет жактан келген адистер иштетүүнүн жолжобосун үйрөтөт.



Жаңы ачылган касапкананын негизги милдети ашканаларды, колбаса жана башка продукцияларды жасаган цехтерди таза эт менен камсыз кылуу болуп саналат. Андан жасалган даяр продукцияны Казакстан жана Орусияга экспорттоо пландалган. Ошол эле учурда өлкөнүн ички базарын да камсыздамакчы. Касапканада союлган эттерди «Торо» ЖЧК көзөмөлдөп турат. Анын кубатуулугу күнүнө 50 уй жана 100 майда жандыктарды союуга ылайыкташтырылган. Жалпы жонунан 47 жумушчу иштейт, – деп билдирди касапкананын директору Айдин Жумадилов.

Бул саамалык менен жеринен таанышып келген вице-премьер-министр Аалы Карашев касапкана баардык талапка жооп берген жогорку деңгээлдеги цех экенин белгиледи жана мындай касапканадан өлкө боюнча дагы 20ны салуу керектигин кошумчалады.

Белгилей кетсек, касапкана 15 күн катар мал жандыктарды бекер союп берүүнү пландап жатат.

## Биздин аэропорттор атаандаштыкта алдыга чыгуусу керек

"Манас" Эл аралык аэропортунун вице-президенти Абдималик Бусурманкулов эл аралык каттамдар менен учкан жолоочулардын төлөмүн 5 долларга кымбаттатуу боюнча маалымат берди. Ал: «Аэропорттор стратегиялык объектилерге кирет. "Манас" эл аралык аэропорту өзүнөзү каржылаган мекеме. Жабдууларын алмаштырып турбаса эскирип, иштен чыгат. Аэропортто бир самолётту тейлөө үчүн көптөгөн жабдуулар, кызматкерлер иштейт. Кыргызстанда аэропортко керектүү бир да материал чыкпайт, баары чет өлкөдөн келет жана кымбат. Туристтерди тартууга ыңгайлуу шарт болушу керек. Башка аэропорттор менен теңтайлашып, сапатын жогорулатуу зарыл. Буга чейин эл аралык каттамдын жүргүнчүлөрү 10 доллардан төлөчү. 1-январдан баштап 5 доллар кошулат. Мындан түшкөн каражат жүргүнчүлөргө ыңгайлуу шарт түзүүгө, учак майданын жаңыртууга, өзгөртүүгө жумшалат. Мындан эч кандай кам санабаш керек.




Кошумча төлөнчү 5 доллар салык катары бюджетке түшөт. Анын ичинен мугалимдерге, пенсионерлерге да каражат берилет. Элдин наразычылыгын түшүнүп жатабыз. Бирок, кам саноонун кереги жок деп айтат элек. 15 доллар кайра эле ошол жүргүнчүлөрдү тейлөөнүн сапатын жакшыртууга жумшалат», – деген билдирүү жасады.

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925
САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0312) 93-65-55
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6300**
**Буйрутма № 3329**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Адам укугу бийликтин колундагы оюнчукпу?

Кыргызстанда адам укугун коргоочулардан башың адашат. Беш түтүнгө бирден киши укук коргоочу болуп алгандай. Конституция боюнча Президентиң, премьериң, парламенттеги 120 депутат түгөлү менен, ошондой эле ИИМ, УКМК, сот, прокуратура, акыйкатчы институту болсо, өлкөдөгү жарандардын укуктарын коргоо үчүн атайын милдеттендирилген



Азыр уурдалган, кордолгон наристелердин саны арбып, токмоктон, ачкалыктан, карооссуздуктан каза тапкан көчө балдары боюнча статистиканы карасаң, жүрөгүң ооруйт. Үй-бүлөлүк чыр-чатактарга кабылып, зомбулуктан кризистик жайларга корголоогон кыз-келиндердин ыйы эртели-кеч эфирди бербей туру... Сыртта миңдеген мигранттарыбыз далили жок камалып, күнөөсү жок суралып, миграциялык кызматтардын убактылуу камактарында боо түшүп турганы да маалым...

Абал минтип мышык ыйлаарлык болуп турса, Жогорку Кеңештин депутаттары өлкөдөгү башкы адам укугун коргоочулукка – Акыйкатчыга талапкерлерди тандоого алып, жыйынтыгында 8 талапкердин бирин тандай албай, арабөк калтырышты. Албетте, саясий себептерден, оппозиция-позиция деген көз караштарынан улам болсо керек. Болбосо, алдыга суурулуп чыккан эки айым – Гүлгаакы Мамасалиева менен Атыр Абдрахматова экөө тең коомчулуктун сынына толгон, адам укугун коргоо тармагында тиш кагып калган талапкерлер болчу. Ушундан улам, Кыргызстанда адам укугунан мурун укук коргоочулардын өзүнүн укугу корголбой жатканы маалым болуп калды. Ооба, бизде Акыйкатчы институту Конституциялык орган, атайын милдеттери менен укуктары бар, өз алдынча ишмердик жүргүзүүчү институт болгонуна карабай, бийликтин камчысынын алдындагы башкарылма органга айланганына бир топ жыл болуп калды.

Тактап айтканда, 2005-жылдын март ыңкылабынан кийин бийликке келген Президент Курманбек Бакиев ал кездеги Акыйкатчы Турсунбай Бакир уулун эч себепсиз эле кызматынан алып, элчиликке «айдап» жиберип, ордуна өзүн жактаган Турсунбек Акунду парламент аркылуу шайлатканы маалым. Турсунбек Акун Акыйкатчы институтун мамлекеттик деңгээлде иштетип, адам укугун коргоо боюнча олуттуу иштерди алпаруунун ордуна бирде оппозициянын, бирде бийликтин короосуна баш багып, көчөдө кыйкырып жүрүп, органдын ишин солгундатып жиберди. Акыры келип, абактан кылмыштуу топтун ана башы делген Азиз Батукаевдин бошотулушуна кол-кабыш кылганы билинип, Акыйкатчылыктын абройон күлгө чапты!

Үчүнчү Акыйкатчы Бакыт Аманбаев башынан эле бийликтин кодулоосуна кабылып, парламенттеги көпчүлүктүн көңүлүн таба албай жүрүп кете берди. Ал адам укугун коргоо жаатында жакшы эле аракет кылды, мыйзам долбоорлорун сунуштады, коомчулук менен тыгыз кызматташты. Бийликтен жалтанбай наразычылык акцияларга, тынчтык митингдерге катышкандарга күч органдарынын көрсөткөн зомбулуктарына каршы туруунга далалаттанды. Кыскасы, биздин бийлик муну менен адам укугун коргоочу эмес, кордоочу болууга көбүрөөк жакындап тургандай.

Ушундан улам бир собол туулат. Андай болсо минтип өпөң-чычаң ойноп, адам укуктарын шакаба чеккенден көрө, Акыйкатчы институтун жоюп жиберсек эмне болот? Жыл сайын бюджеттен 25 млн.(!) сомдон кем эмес каражат коротуп, бирок, адам укуктары боюнча ооз толтуруп айтарлык иш кылбаган органдын балким барынан жогу жакшы болуп жүрбөсүн? Болбосо, Акыйкатчы институту мыйзамдык укуктарын колдонуп, өлкөдөгү бузулган адам укуктарын коргоп, кордолгон балдарды, зордолгон аялдарды камкордукка алып, үрөй учурган кылмыштарды токтотууга, адам укугу, өмүрү менен ойногон кылмышкерлерге каршы эмнеге батыл иш алып барбайт?

ТЫНЧТЫК АЛТЫМЫШЕВ

# Тергөөсүз же сотсуз террорчу деген туура эмес

Жайдан бери Бишкекте болгон окуялар үрөй учурат. Күч органдарынын террорго каршы операциялары көнүмүш адатка айланып бараткандай. Анан калса, ал операцияларда атылган кишилер террорчу экенине шек деле жок сыяктуу. Бирок укук коргоочулар коомчулуктун көңүлүн бул окуялардын шектүү жактарына бурууда

Адам укуктары боюнча "Кылым Шамы" борборунун эксперти Гүлшайыр Абдирасулова террорчу деп өлтүрүлгөндөр менен алардын жакындары тууралуу төмөнкүлөргө токтолду: "Менин оюмча террорист деп аталган адамдар боюнча тергөө жүрүш керек эле. Мамлекеттик орган булар боюнча кандайдыр бир оюн билдириши керек. Коомдо алар тууралуу "Азыр эмне болушту, эмне үчүн аларды камакка алгандын эртеси эле күнү өлүп калышат" деген суроолор жаралууда.

Мурунку болгон окуяларда ала турган болсок, 2009-жылы Жалал-Абаддагы антитеррордук операцияда 9 жаш бала карыган абышканын колунда калды. Ал балдардын ааталарын (ага-инилерди) күч органдары террорист деп өлтүрүп коюшкан. Бүгүнкү күнү ошол 9 балага атасынын өлгөндүгү тууралуу справка берилбегендиктен мектепке орношо алышпай, жөлөк пул берилбей келет. Анысы аз келгенсип, алардын үйүн күч органдары жардырып салган. Эл мамлекете "эмне үчүн мындай кылышты, биздин балдарыбыз чын эле террорист бекен" деген суроо салууда. Ал эми мамлекет тараптан эч кандай жооп жок.

Ал эми Оштогу окуяда күтүүсүздөн үйгө кирип барып, баласын атып салышкан. Ата-энесине бүгүнкү күнгө чейин баланын өлүгү бериле элек. Натыйжада, экспертиза да болбой турат.



Жакында болгон окуяда болсо, СИЗОдон 9 кылмышкер качып чыгып, милиция кызматкерлери өлдү дешти. Бирок алардын ким колдуу өлгөнү тууралуу ким экспертиза жүргүздү? Чындап эле ошол террорист дегендер өлтүрдүбү, же кесиптештери өлтүрдүбү деген суроолор бар. Мисалы, Мусуралиевди мал сарайда бекинип жаткан жеринен өлтүрүштү. Аны тирүү кармап туруп "эмне үчүн качтың", "кантип качтың жана кимдер жардам беришти" деп сураса болот эле. Кыскасы, абактарда маселе көп. Шектүүнүн баарын өлтүрүп коюу бир нерсени жашырууга байланыштуу эмеспи деген ойго алып барат. Бүгүнкү күнгө чейин кимдин кантип качканы, эмне үчүн качканы, кантип өлгөнү жана СИЗОнун мурунку жетекчисинин асынып алганы тууралуу комиссия түзүлгөн жок. Мамлекеттин мекеменин бири да бул маселелерди көтөрүп койгон жок. Болбосо, алар да бирөөлөрдүн балдары, бирөөлөрдүн атасы болчу да.

Милиция кызматкерлеринин деле балдары жетим калды, аларга деле боорум ооруйт. Бирок аларга үстү-үстүнө кылмыш козголуп, тергөө жүрүүдө. Ушул жерден күч органдарынын күч колдонуу маселеси боюнча "туура колдонулдубу, күч колдонууга кандай шарттар болду" деген суроолордун үстүнөн иш козголгон жок. Күч колдонуунун натыйжасында кимдир бирөө мерт кете турган болсо, ага кайсыл мамлекеттик орган изилдөө жүргүзүп, кайсы орган баа бериш керек экени алигиче белгисиз.

Кыскасы, ушундай суроолор жаралбашы үчүн атайын мамлекеттик мекемеге "операция болгон учурда силер жооп бересиңер" деген тапшырма берилсе болмок. УКМК өзү жүргүзгөн операцияны кайра өзү тергөөгө алып, шыпырып-жыйнап койгону жарабайт. Бул эл аралык стандарттарга да туура келбейт. Ошондуктан шек туудурган өлүмдөр, соттун чечими жок айыптоолор коомду күмөнгө алууда. Мына ошондой ишенбөөчүлүк болбошу үчүн тергөө жүргүзүү керек. Тергөөнү прокуратура, сот же комиссия жүргүзөбү, мамлекет муну өзү дайындашы керек. Бирок бүгүнкү күндө УКМКнын үстүнөн эч ким тергөө жүргүзө албайт", – деди ал.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Аэропорттун 5 доллары – элди басынтуу кадамы

«Кыргыз Концепт» компаниясынын президенти Эмиль Уметалиев аэропорттогу жыйноолор 5 долларга кымбаттаганы – өкмөт сырткы өнөктөштөрдү туура эмес тандоосунан келген кесепеттерди элдин чөнтөгүнүн эсебинен жабууга аракет кылганынан келип чыкты дейт



Жакында аэропортто каражат алуу 5 долларга көтөрүлдү. Бул эмнеге ишарат кылып турат? Биз америкалык Транзиттик ташуулар боюнча борборду чыгарып салганбыз. Андан ондогон миллион доллар түшүп турган. Бул түшпөй калган киреше эч бир башка жол менен толукталган жок. анысы аз келгенсип, Бажы биримдигине киргенде учуу азайгандыктан, аэропортко түшкөн каражат кыскарды. Эми өкмөт каяктан эмне кыларын билбей жүктү элдин моюнуна жүктөй баштады. Бул ушул багытта тышталган биринчи кадамдардын алгачкысы. Эми түрдүү шылтоо менен оңго-солго салык сала баштайт. Анан салык бербейбиз дегендердин оозун жаба баштайт. Сөз эркиндигимди сактап калам дегендерге күч колдонулат. Анан биз учкашып алган Россиядагыдай наразычылыкка чыккандарды куугунтуктоо болот. Мына кече эле Россияда ошондой бир топту кубалап, таркатып жибериши. Күндө ушундай окуялар болушу мүмкүн. Ушуга көзүбүз ачык болуш керек. «Биз кимдин аркасынан ээрчип алдык жана алар бизди кайда алып барат?», – деген суроо беришибиз керек өзүбүзгө.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Таластан төө бурчак эмес, башка көйгөйлөр



Саресеп гезити ар айда бирден облус жана чоң шаарларга чыгып окурмандары менен жолугуп туруну адат кылган. Бу сапар Талас облусунда болуп, жергиликтүү эки курч жигиттен саясат жана мыйзамдуулук тууралуу ой-жорум алды

## Өкмөт өз ишин билбейби?

Шайлоо бүтүп, майлоосу желгени менен андан чыккан чыр дагы деле бүтпөгөндөй. Себеби, буга чейин шайлоого карата биометрикалык маалыматты Мамлекеттик каттоо кызматы (МКК) топтоду деп келген. Таласта андай болбоптур. Бакай-Ата районунун Ак-дөбө айыл өкмөтүнөн Максат Джанчикулов бул тууралуу баяндап берди



Борбор калаада калктын биометрикалык маалыматын МКК топтосо, Талас районунда бул маалыматтарды чогултууга 453 айыл өкмөт ишке тартылган. Натыйжада, жергиликтүү өз алдынча башкаруу (ЖӨАБ) органы саналган айыл өкмөттөрдүн башка иштери токтотулуп, баары жапа тырмак маалымат топтоого тартылган. Бирок, бул эмгеги үчүн айыл өкмөт мүчөлөрүнө бир тыйын да төлөнгөн эмес. Тетирисинче, мамлекеттик органдагы кызматкерлерге айыл өкмөттөрдүн бюджетинен маяна төлөнгөнү чекеден чыгат.

### “Өкмөт салыкты бизге жыйнатууда”

Биометрикалык маалыматты жыйноо бул бир гана болчу иш. Толтура ишти жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын кызматкерлерине кылдырышууда. Бизде болсо, эл алдында аткарчу милдеттерибиз көп. Аларды ким кылат? Биометрикалык маалымат чогулткула десек, эл бизге “Биздин малыбызды ким карайт?” деп каршы чыкты. Биз “Сабыр кылгыла. Бул мамлекеттин иши” деп айттык. Башка айыл өкмөттөрдө деле абал ушундай. Каяша айткан айыл өкмөттөрдү кетире салышты. Салык чогултуу мамлекеттин иши экенине карабай, айыл өкмөттүн адистери салык чогултулуп жатат. “Эмнеге чогултуп жатасыңар?” десек, “Акча бизге түшөт” деп жооп беришет. Ошол бизге түшө турган акчаны райондогу салык инспекциясы чогултушу керек да. Ошондой ЖӨАБдын кызматкери экенине карабай, өкмөттүн ишин аткарган штаттарды кыскартсак, орточо эсеп менен 1 млн. сомго чейин акча айылдык бюджеттен үнөмдөлөт экен.

### «Айылда шайлоого чейинки маалымат топтоо туура эмес болду»

Шайлообуз таза жакшы өттү деп жатабыз. Анткени менен шайлоого чейинки биометрикалык маалыматтарды топтоодо олуттуу маселелер кетип жатпайбы. Мисалы, бул биометрикадан баарыбыз өттүк. Баарыбызга өткөнүбүз тууралуу справка берилди. Бирок, ал справкага колду айыл өкмөттөгү жер адиси койбодубу. Анын кол коюуга укугу бар беле? Мамлекет чындап эле акыйкат боло турган болсо, анда кечээки шайлоо жокко чыгышы керек. Анткени шайлоого чейинки маалымат топтоо туура эмес өттү да. Мен азыр бул маселе боюнча атайын расмий кат менен депутаттарга кайрылып жатам.

### “Ооз эки буйрук менен иштей беришкен”

Айыл өкмөттө жооптуу катчы деген кызматкер бар. Мен ага: “Эмненин негизинде маалымат чогултуп жатасыңар? Биздин айыл өкмөт менен МКК ортосунда кызматташуу тууралуу келишим түзүлдүбү? Акча которулдубу? Эки мекемени байланыштыруучу кандай документтер бар?” деген суроолорду узаттым. Алар мага жазуу түрүндө “Бизде андай эч нерсе жок” деп жооп кайтарып коюшту. Айыл өкмөттүн башкы бухгалтеринен сурасам, ал дагы: “Бизде эч кандай иш кагазы жок”, – деген жоопту берди. Төртүнчү катты айыл өкмөттүн өзүнө берсем, андан: “Аким бизге ушундай буйрук берди”, – деген жооп келди. Мына, биздин мамлекетте ушундай жол аркылуу биометрикалык маалымат чогултулду. Жер адиси өзүн-өзү билүү менен справка бергенге укугу жок эле да. Ал МККда иштебейт да туурабы? Андай болгон соң, МКК өзүнүн ыйгарым укугун өткөрүп бериши керек болчу. Жер адисине ыйгарым укукту бергенден кийин ал жоопкерчиликти өзүнүн мойнуна алышы керек. Мисалы, эртең бир көйгөй боло турган болсо жанагы жер адиси жооп бербейт. Анткени, ортодо эч кандай келишим жок”.

*Урматтуу окурман, биз бул жерде жөн гана эски жараны чукуган жокпуз. Эптеп сенсация жаратуу да биздин максат эмес. Болгону кыргыз өкмөтү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бири-биринин алдындагы укуктары менен милдеттери так аныкталып, ар ким эл алдындагы өз кызматын так жана сапаттуу аткарса деген эле тилек.*

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

## Ишкерлерге бут тосуп жатышат

Ал эми бул ой-жорум бөрк ал десе, баш алгандар тууралуу болмокчу. Кызыы, жергиликтүү атка минерлер жерди трансформация кылууну таптакыр башкача түшүнүп алса керек. Себеби, бүгүнкү күнү Таластык ишкерлер өзүнө таандык менчик жерге бир нерсе куруда кыйынчылык тартып турган кези. Бул тууралуу Талас шаардык башкы архитектуранын башчысы Жанболот Шайдиев баяндап берди



Кыргызстан дүйнөлүк архитектура боюнча рейтингде 190-орундан жогору болчу. Жаңы реформа киргенден кийин 140-145-орунга келип жакшы болгон. Себеби генпланга ылайыктуу курулуштарга уруксатты архитектурага берип калган. Кыргыз Республикасынынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 30-майындагы №252 Токтомуна ылайык бекитилген Жобо менен архитектура органдарына жүктөлгөн. Жердин максаттык багытын биз архитектуралык пландоо шарттары менен өзгөртүп кете берчүбүз. Жогоруда айтылган Жобо боюнча жергиликтүү башкаруу органдары тарабынан буйрук, токтом чыгаруу, комиссияларды түзүү токтотулган. 2008-жылдан 2014-жылга чейин ушул усулга жараша өзгөртүп келгенбиз. Анан Бишкекте имараттардын максаттык багыты боюнча талаш-тартыш башталган. Бул талаш Таласта да болду. Мен бүгүнкү күнгө чейин шаар ичиндеги имараттардын максаттык багыты өзгөргөн сайын кайра документ алуу керек эмес деп соттошуп келем. Чынын айтсам, далилдеп деле бере алам. Бирок “жок андай эмес” дегенден башка конкреттүү укуктук жооп жок. Бизди окуткан ЮСАИДдин юристтерин да таба албайбыз. Алар бизди “бул бюрократиялык буйрук-токтомдордон арылткан жакшы система» деп ишендиришкен. Учурда трансформация менен жердин максаттык багыты деген түшүнүктөрдү алмаштырып жатышат. Шаардык мэрия жана архитектура шаардын генпланынын негизинде иштейт. Трансформацияда каралган 11 категорияга бул маселе кирбейт. Трансформацияны Жогорку Кеңеш гана карай алат. 2008ден 2014-жылга чейин биз архитектуралык иштерди бүтүрүп, имарат ишке киргенден кийин, бир кишинин айынан былтыркы жана быйылкы иш кагаздардын баарын алмаштырып жатабыз. Бишкекте бир юрист күлдү: “Силер эмне менен соттошуп жүрөсүңөр? Силер дааратканa салсаңар да, жердин багыты туалет салууга деп алмашабы? Силер аны барып кайра мэриядан сурасаңар жердин муниципиалдык жана жеке менчик ээлери силерге кандай карайт?” – дейт. Мен мисалы, бүгүн дарыкана салдым, ал эми эртең балким офис кылам. Анан мен кайра эле мэрияга бара беришим керекпи? Ал архитектуралык мыйзамдын негизинде чечилиш керек да. Бир нече вариантта генплан киргизилген. Ал жерге чайхана, мейманкана, кафе, дүкөн, мектеп салсаң болот. Булар алмашканда мэрияга баруу милдеттүү эмес. Бирок бүгүнкү күнү кайра ошого кайрып келип жатпайбы. Прокуратура бирөөлөрдүн арызынын негизинде мажбурлап жатат. Кааласа кийлигишет, кааласа тим коёт. Өкмөттүн саясатын түшүнбөйсүң. Алар: “Талас дотацияда отурат, ишкерлерди колдойбуз”, – дейт да, бизди кыйнап кайра эле, бизнесмендерге бут тостуруп атпайбы. Мурда мэрияда 7 кишиден комиссия болсо, учурда 13 кишиден турат. Алардын ар кимисинин өз оюу бар да. Анан жумушту ого бетер татаалдаштырышат. 10-20 күндө бүтүрчү ишти биз азыр 40 күнгө созуп атабыз. Ишкер акыры жадайт да, кетет. Мен Госстройго чейин чыктым, бирок дагы деле конкреттүү жооп ала албайм.

Чын эле бул ишти атайын татаалдаштыруу эмей эмне? Мындай жорук азыр кимге керек? Бул көйгөйдүн көмүскө жактары барбы? Бул тууралуу макалабызды кийинки санында окуңуздар. Биз Госстрой, ЮСАИД жана башка жерлерден жооп алганга аракет кылабыз. Себеби, мындай маселенин чечилип, шаарларыбыз көркүнө чыгуусуна баарыбыз кызыктарбыз.

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Камсыздандыруу каптаганы турат

2016-жылдын 1-январынан тарта мамлекеттик милдеттүү камсыздандыруу системасы ишке киришери жалпыга маалым болгон. Тактап айтканда, эл турак-жайын жана унаасын кабыл алынган мыйзамга ылайык, милдеттүү түрдө камсыздандырышы керек. Болбосо жарандар административдик айып пул төлөп калышы мүмкүн




Орусиядагы камсыздандыруу полиси

## Эл өзүн камсыздандырууга милдеттүү

Премьер-министр Темир Сариев акыркы учурда өлкөдө баймабай катталып жаткан табигый кырсыктар жарандардын үй мүлкүн толук камсыздоосуна мажбур кылганын белгилеген.

– Мурда, СССРдин учурунда жарандардын турак-жайы, автомашинасы, ал тургай адамдардын өздөрүнүн өмүрү да милдеттүү түрдө камсыздандырылып, кокус, кырсык болуп кетсе, ошол камсыздандыруу фондунун эсебинен төлөнүп берилчү. Тилекке каршы, Союздун жоюлушу менен ал камсыздандыруу да кошо токтоп калган. Бирок, биз акыркы жылдагы жер титирөөлөрдөн улам, турак-жайды сөзсүз мамлекеттик камсыздандырууга алышыбыз керек экендигине күбө болуудабыз. Өзгөчө өткөн жылы Ысык-Көлдөгү жер титирөө менен 17-ноябрдагы Ош облусунун аймагында кайталанган 6-7 баллга жеткен жер титирөө көптөгөн жарандардын турак-жайларын, социалдык объекттерди зыянга учуратып, камсыздандыруу сөзсүз зарыл экендигин моюнга алганбыз. Мамлекет турак-жайына доо кеткендерге 200 миң сом гана ссуда берип жатат. Бирок бул акча үй салганга жетпейт. Эгер ал үй мурдараак камсыздандырылса, кеткен чыгым толук төлөнүп берилмек. Азыр президент тарабынан жарандардын турак-жайы менен автомашинасын камсыздандыруу мыйзамына кол коюлуп, 2016-жылдын февраль айынан тартып күчүнө кирмекчи. Ага ылайык, айыл жериндеги үйлөр жылына 2,5 миң сом, шаардагы үйлөр 5-6 миң сом төлөшөт. Бул айына 220 сом же үч бөтөлкө Кока-Кола, 1 түк чөп дегенди билдирет. Биз той-аш десе, эч ойлонбой бир кой айтып, же 4-5 миң сом көтөрүп барабыз. Ал эми үйүбүздү камсыздандырып койсок, жер титирөөдөн же башка табигый кырсыктан жабыркаган маалда толук камсыздандыруунун эсебинен 600 миң сом берилет, – деди ал.

## Сариев элге акыл үйрөтпөй тандоо мүмкүндүгүн түзүп берсин

Экономика боюнча эркин серепчи Сейтек Качкынбаев бул процесс мажбурлоо эмес ыктыярдуу түрдө жүрүшү керек, болбосо мамлекеттик коррупциянын дагы бир булагынын пайда болушуна алып келет деп чочулайт.

– Камсыздоонун бары жакшы, бирок ал мамлекеттик коррупциянын кийинки этабына айланып кетүүсүнөн чочулайм. Кайсы өлкөнү алып карабайлы, бул тутум ыктыярдуу негизде жүргүзүлөт. Маселен Жапон мамлекетин алсак, мүлктү, машинени, ден-соолукту жана өмүрдү мамлекеттик жана менчик камсыздоо кызматы бар. Экөөнүн тең максаты негизинен бирдей, экөө тең ыктыярдуу. Каалаган киши кирет, каалабаса кирбейт. Маселен, биз үй-бүлөбүз менен ден соолукту камсыздоонун мамлекеттик формасына киргенбиз. Бул өзүнүн максатын ушул күнгө чейин актап келатат. Кыргызстанда да ушундай ыктыярдуу болуусун каалайт элем. Сталин же СССР доорундагыдай мажбурлоо болбоосу керек. Сариев болобу, дагы башкасы болобу, элге моралдык акыл үйрөтпөй, тандоого гана мүмкүнчүлүк түзүп берип, анын оң жана терс жактарын эл арасында кеңири талкууга алып чыгып, анан кадам-кадам ишке киргизиш керек деп кеңеш берет элем. Жарандар кырсыкка кабылган күндө да мүлкүн камсыздаган мамлекеттик компаниядан болобу, же жеке компаниядан болобу, айтор, ала турган акчасын өндүрүү оңойго турбас. Мунун жалгыз эле себеби – бюрократиялык тоскоолдуктар. Дагы башка маселе – Кыргыздын бүгүнкү орто кирешеси абдан аз. Бул жарандар үчүн жөн гана кошумча жүк болушу толук ыктымал.

## Унаамдын кунун алам деп таман тешилди

Өлкөбүздө мындай бюрократиянын торуна түшкөндөр да аз эмес. Өзгөчө "бюрократиялык машина" чет элдиктерди сызга отургузганды жакшы өздөштүргөнү көрүнүп турат. Маселен, Туризм департаменти турист тартуунун убарасын тартып жүрсө, айтылуу "бюрократиялык машиналар" аларды үйрүтобу менен качырууда.

Өзүн Дима деп тааныштырган орусиялык турист бизге бул тууралуу төмөнкүдөй нерселерди айтып берди.

– Мен 2014-жылы Кыргызстанды кыдыруу жана саякаттоо үчүн өз унаам менен келгем. Бажыга жетерим менен бажы кызматкерлери мага машинамды камсыздандыруум керектигин айтты. Мыйзамга баш ийген жаран катары, мен айтылган сумманы төлөп, (180 $) унаамды камсыздандырып алып, сапарымды уладым. Бирок, Ысык-Көлгө бара жаткан жолдо капысынан кырсыкка учурап калдым. Натыйжада, жергиликтүү МАИ кызматкерлерин чакырып, болгонун болгондой каттатып, жабыркады деген тастыктама алдым. Эс алуу мөөнөтүм аягына чыккан соң, баягы камсыздандыруучу компанияга көрсөтүлгөн дарек боюнча бардым. Алгач эле алар МАИ кызматкерлери берген тастыктаманы жараксыз деп тапты. Мунун себебин түшүндүрүп беришкен да жок. Кийин дагы бир тастыктама алып келүүмдү талап кылышты. Айтор, тастыктама чогултуп жүрүп, таманым тешилди. Ысык-Көл Бишкек жолунан он жолу ары-бери каттадым окшойт. Жергиликтүү милициянын эшигин суткалап каккылап турдум. Эс алуу мөөнөтүм бир жума болсо, дагы ошончо убакыт справка чогултууга кетти. Акыры тиешелүү документтерди топтоп, аталган компанияга алып келгенимде, алар: "Биз сизге камсыздандыруу акчасын төлөп бере албайбыз. Анткени сиз тийиштүү иш кагаздардын баарын топтогон жоксуз жана кырсыкка кабылганыңызды далилдей алган жоксуз. А мүмкүн сиз өзүңүз бир нерсени атайылап сүзүп алгандырсыз", – дешти. Мындан кийин мен көпкө стресске кабылып, өзүмө келе албай жүрдүм. Акыры такыр түңүлгөнүмдө "Бул өлкөнү желкемдин чуңкуру көрсүн, рахмат силерге" деп келген жагыма жөнөдүм.

## Мамлекеттик камсыздандыруунун кереги жок

Учурда Кыргызстанда 17 камсыздандыруучу компаниянын лицензиясы бар. Бирок алардын алтоо гана анык иш алып барууда. Алардын бири "СНК" камсыздандыруу компаниясы. Аталган компаниянын башкы директорунун орун басары Энвер Хавазов камсыздандырууда мамлекеттик эмес, жеке компаниялар иш алып баруусу керектигин айтат.

– Мамлекеттик камсыздандыруу компанияларынын кереги жок азыркы учурда. Анткени рынок атаандаштык мүнөздө болушу керек. Мындан тышкары, мамлекеттик түзүм деп эсептелген "кайра камсыздандыруучу кыргыз компаниясынын" аягы чыр менен аяктаганын билебиз. Ал кырсыктардан камсыздандырууну КРдин аймагында кайра камсыздоо үчүн түзүлгөн болчу. Бирок ал компаниянын өлкө жетекчилигине жакын адамдарга тиешелүү болушу жакшы ой менен башталган ишти жокко чыгарган. Айрым ири долбоорлор мажбурлоо жолдору менен "кирешесин бөлүшүүгө" аргасыз болушкан. Бирок беш жыл мурунку ыңкылаптын натыйжасында аталган мамлекеттик түзүм жоюлуп кетти.

## Кайсы учурда камсыздандыруу каражаты төлөнүп берилет

**1) Табигый жаратылыш кырсыктары катталганда;**

Буга төмөнкү кырдаалдар кирет:

– 6 балдан ашкан жер титирөө;

– Ири көлөмдөгү суу ташкынынын бардык түрү;

– Кыйратуучу күчкө ээ болгон кар көчкү жана жер көчкү;

– Ошондой эле чоң таштар кулап, турак-жайды кыйратып кеткен учурда;

– Коомчулук колдонгон суу каналдары жарылып, имаратка зыян алып келген учурда;

– Ылдамдыгы секундасына 25 мге жеткен катуу шамал болгондо;

– 3-4 сутка катар менен жааган жаан жана бурганактаган кар (чарчы метрге 60 литр жааса);

– Бороон-чапкын катуу ылдамдыктагы шамал менен коштолуп, 12 саатка чейин уланса;

– Жылуу мезгилде мөндүр жааса;

– Өрт кырсыктары катталганда.

**2) Камсыздандырылган имараттан жана анын тегерегинен чыккан өрт кырсыктары;**

Ошол эле өрттү өчүрүүдө колдонулган суудан улам, имарат жабыр тартса, түзүлгөн келишимге ылайык камсыздандыруучу компания тарабынан каражат төлөнүп берилиши шарт.

Ал эми унааны камсыздандырууда да жогорудагыдай ченемдик укуктар каралган.

Алгач унаанын азыркы абалы, маркасы жана жылы такталып, ага жараша камсыздандыруунун акчалай көлөмү аныкталат. Камсыздандырылган авто унааларга төмөнкүдөй учурларда камсыздандыруу акчасы төлөнөт:

– уурдалганда;

– жол кырсыгына учураганда;

– өрт кырсыгы катталганда;

– тал, терек жана башка оор буюмдар унаанын үстүнө кулап, зыян келтиргенде;

– табигый кырсыктардан улам унаа жабыр тартканда;

– кимдир бирөө зыян келтирген учурда, (чийсе, дөңгөлөгүн жарса ж.б.).

*Эсиңизде болсун, кырсык катталгандан кийин 5 күн ичинде камсыздандыруучу компанияга кат аркылуу билдиришиңиз шарт. Кырсыктын кесепетин аныктоо үчүн көз карандысыз эксперттин кызматын колдонууга укуктуусуз.*

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Ылдый түкүрсөң сакалың, өйдө түкүрсөң мурутуң...



**Коомчулугубуздун жаралуу темасы болгон түкүрүнүү адатына коом тарабынан жетишерлик көңүл бурулбай келет. Бүгүнкү күнү муну кадам сайын кездешкен түкүрүктөр айгинелеп турат**

Учурда элибиздин көчөдөгү, сейил бактардагы жана ар кандай коомдук жайлардагы жүрүм-туруму көңүлдү оорутат. Чынында, оң-тетири түкүрүнүү кыргыз – коомунда гана эмес, чет өлкөлөрдө дагы өтө актуалдуу көйгөйлөрдүн бири. Бул адаттын тамыры өтө эле тереңде жаткандыктан, аны бир заматта жоюп жиберүү мүмкүн эмес.

### Түкүрүнүү күнүмдүк көрүнүшкө айланган

Шаар көчөлөрүн аралап баратып жолго түкүрүп койсоң, сага эч ким, эч нерсе деп эскертүү бербейт. Мунун негизинде адамдар каалаган жеринде түкүрө беришет. Натыйжада таптакыр жагымсыз, коомдук жүрүм-турумга каршы келген бул адат акырындап жүрүп олтуруп, кадимки эле күнүмдүк көрүнүшкө айланып калган. Үлгү берчү улууларыбыздын өздөрү да бул көйгөйдүн өсүшүнө себепкер болуп жаткандыктан, жаштарыбызга деле эч нерсе дей албайсың.

Социалдык чөйрө, ата-эне тарбиясы, үй-бүлө маданияты, мына ушунун баары бул адатка таасир берчү негизги факторлор. Бирок, айтылуу нерселердин жетишсиздигинен коомубуз минтип отурган турган жерин түкүрүккө толтуруп, тазалык маданиятынан айрылып бараткан кербезибиз.



### Түкүрүнсөң "дерзкийсиң"

Массалык маалымат каражаттары, социалдык тармактар жана теле көрсөтүүлөрдөн күн сайын миңдеген тасмалар, видеолор адамдарга көрсөтүлүп, ар түрдүү темадагы материалдар жазылып, таркатылат. Натыйжада, сырттан келген батыш идеологиясы жакшы-жаманына карабай, ар бир кишиге сиңүүдө.

Анан калса, Батыш тасмаларынан көбүнчө жаштар таасирленип, андагы ар кандай жүрүм-турумдарды бат кабыл алат жана фильм аягына чыгып-чыкпай аларды кайталоого аракет жасашат. Айрыкча, ошол тасмаларда көп кайталанган сөгүнүү, орой сүйлөө, түкүрүнүүдөн башкалар коркуп, сага баш көтөрө албайт деген түшүнүк жаштарга жакшы эле отурукташып калгандай. Себеби, батыштын тасмаларында бул адаттарга ээ болгондор "крутой" каарман катары чагылдырылат. Кыскасы, түкүрүнүү адаты жалаң гана эркек балдарда байкалып жаткандыктан, аларга бул адат кайсы бир жерден жукту деген ой мээңе кылт этет.

### Түкүрүк деген эмне?

Адистердин айтымы боюнча, түкүрүк ооз көңдөйүнөн бөлүнүп чыкчу суюктуктун аты. Башкача айтканда – шилекей. Шилекей организм үчүн өтө керектүү нерсе. Ооз көңдөйүн жана тамак-ашты нымдоо, тиштин тазалыгын сактоо, ашказанды иштетүү, керексиз ашыкча заттарды бөлүп чыгаруу анын негизги милдети. Кыскасы, ошол керектүү зат ооздон чыккандан кийин түкүрүк деп аталат.

Бирок адамдар эмне себептен түкүрүнүшөт? Деги түкүрүнүп туруу зарылбы? Медицина адистеринин айтымында, түкүрүк организмдеги айлануу суюктугу болгондуктан, ал сыртка чыкпай ичте сакталуусу керек. Демек түкүрүнүп туруу муктаждык эмес. Шилекейди түкүргөндөн көрө жөн гана жутуп коюу зарыл. Ал эми адамдар чылым, насывай, ичкиликтен пайда болгон жагымсыз жыттан арылуу максатында түкүрүнүп олтуруп, аны адатка айлантып алышат. Башкача айтканда, өздөрү колдонгон ыплас нерселер аларды түкүрүүгө мажбур кылат.

> Шилекей безинде миңдеген микробдор бар. Ал эми алар абага тарагандан кийин башка адамдарга бат эле жабышат.

### Түкүрбөсөң дагы оору жуктурасың

Эгер сен өнүккөн мамлекетте жүрүп кургак учук менен ооруп калсаң, анда сени дароо эле өнүкпөгөн өлкөнүн жараны экениңди айтышат. Себеби, кургак учук микробдордон жукчу дарт болгондуктан, бул илдет менен көбүнчө төмөнкү социалдык катмардагы жарандар оорушат. Шилекей безинде миңдеген микробдор бар. Ал эми алар абага тарагандан кийин башка адамдарга бат эле жабышат. Кургак учукту жуктуруп алуунун эң кеңири таркаган жолу бул аба аркылуу жуккан жол болуп эсептелет. Адам жерге түкүргөндөн кийин ал бир нече мүнөттө кургап, чаң менен аралашып, жогору көтөрүлөт. Жыйынтыгында түкүрүнбөгөн адам деле кургак учукка чалдыгып калышы мүмкүн.

Ал эми биздин өлкөдө бул ооруга кабылып калуу мүмкүнчүлүктөрү жакшы эле түзүлгөндөй. Жолдо бара жатканыңда кайсы жерге көзүң түшпөсүн, балчайып жаткан түкүрүктү көрөсүң. Маршрутка, автобус жана троллейбуста кетип бара жатканда деле оозун жаппай эле чүчкүрүп-бышкыргандарды көп кезиктиресиң. Албетте, алардын оозунан чыккан шилекей бөлүкчөлөрү башка адамдарга да жабышат. Ошондуктан адамдар көрүнгөн жерге түкүрүнө бербесе, ар түрдүү илдеттен алысыраак болот элек. Учурда Кыргызстан дүйнө өлкөлөрүнүн ичинен кургак учук оорусу боюнча 27-орунда турат.



### Коомубузда түкүрүккө каршы жетиштүү пропаганда жүргүзүлбөйт

Түкүрүнүү адамдардын рухий жан дүйнөсүнө да терс таасир берет. Жийиркенүү, жинденүү сыяктуу сезимдер козголуп, адамды стресс абалына түшүрүп коёт. Акыркы кездерде бирөөгө бир нерсе десең, катуу жооп угуп калышың мүмкүн. Ар жерден урушуп жаткан кишилерди көп кездештиресиң. Тактап айтканда, коомдогу агрессия күчөп баратkандай.

Бул жосунсуз жорук менен карапайым, орто билимдүү же болбосо дээрлик билими жок адамдар көп жабыркайт. Натыйжада, коомубуз маданияттан алыстап, жугуштуу оорулар менен достошуп, көркү кетип турган убагы. "Эшигин көрүп төрүнө өт" дегендей, алыстан келген меймандар дагы шаарыбызды көрүп эле өлкөбүздөн алыс качышат.

> Кытайда жерге түкүргөн адам 6 доллар төлөп, өз колу менен түкүрүгүн тазалайт.

Башка элдерде болсо мындай көрүнүштөргө жетиштүү көңүл бурулуп, иш-чаралар өткөзүлөт. Ал тургай ар кандай мыйзамдар кабыл алынып келгендиктен, түкүрүнүү көйгөйү эмне экенин да билишпейт. Ал эми бизде түкүрүнүүгө каршы социалдык видеороликтер, плакаттар, иш-чаралар өтө эле аз. Сыналгыдан дагы бул теманы козгогон берүүлөрдү көп көрө бербейсиң. Ошондой эле биздин өлкөдө коомдук жайларда түкүрүүгө тыюу салган мыйзамдар, айыппул төлөө деген нерселер жок.

### Түкүрүнүүдөн арылууга болот

Арак ичүү, чылым чегүү сыяктуу жаман адаттарга караганда түкүрүнүүдөн оңой арылууга болот. Болгону жаш балдарды кичинесинен тарбиялап, түкүрүнүү салтыбызга туура келбеген жорук экенин үйрөтүшүбүз керек. Жаштарыбыз болсо, бул адаттан өз каалоосу менен гана арыла алышат.

Өнүккөн өлкөлөрдө түкүрүнүүгө каршы төмөнкүдөй эрежелер бар:

• Казакстанда коомдук жайларда түкүргөн 15 суткага камакка алынасың

• Кытайда жерге түкүргөн адам 6 доллар төлөп, өз колу менен түкүрүгүн тазалайт.

• Франция мамлекети болсо, сасык тумоону, инфекциялык ооруларды алдын алуу максатында коомдук жерлерде түкүрүүгө мыйзам чегинде тыюу салган.

• Россияда түкүрүү боюнча атайын мыйзам жок. Бирок коомдук жерлерде түкүргөн 20 000 рублдан жогору айып пул төлөйсүң

• Англияда жерге түкүрдүм дегиче эле 120 долларыңдан айрылдың дей бер.

• Индияда коомдук жерлерде түкүрүү боюнча айып пул каралган эмес. Болгону белгилүү бир мөөнөткө камакка олтуруп чыгасың.

Түкүрүнүү кыргыз калкына жана маданиятына жарашпаган көрүнүш. Таза коомдо, чың ден-соолук менен жашоо – ар бирибиздин колубузда. Өз үйүбүздүн төрүнө түкүрбөгөн соң, айлана-чөйрөнү да аздектөөбүз керек. Ал эми бул адат менен күрөшүүгө мамлекеттик деңгээлде чара көрүү абзел.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Виза, турист, террорист

Жогорку Кеңештин Эл аралык мамилелер, коргоо жана коопсуздук комитети өлкөгө визасыз кирүүнү жокко чыгаруу боюнча өкмөткө сунуш жөнөттү. Визасыз режимди алып салуу боюнча Жогорку Кеңештин Эл аралык мамилелер, коргоо жана коопсуздук комитетинин төрагасы Алмазбек Баатырбеков, Чет элдик инвесторлор ассоциациясынын аткаруучу директору Искендер Шаршеев жана Туризм департаментинин адиси Кыял Кенжематованын пикирлерин алдык



### «Мен анализ жүргүздүм»

Кыргызстанга чет өлкөлүктөрдү визасыз киргизүү күтүлгөн натыйжа берген жок жана коопсуздук жагынан туура эмес дейт, Алмазбек Баатырбеков. «Мен өткөн жылдын жыйынтыгы боюнча анализ жүргүздүм. Биз 44 мамлекетке визасыз режимди бир тараптуу киргизгенбиз. Бул мыйзам киргизилип жатканда Кыргызстанга келген туристердин саны көбөйүп, бюджетке жакшы салым кошулат деп айтылган. Бирок мыйзам кабыл алынган 2012-жылдан бери биз күткөн натыйжабызга жете алган жокпуз. Ошондон улам, анализ кылуу максатында бул сунушумду Туризм департаментине жөнөткөмүн. Эгер өкмөт берген маалымат биздин тыянак менен дал келсе, анда бул мыйзамга өзгөртүү киргизүү чечимин кабыл алабыз. Бирок Өкмөт бир аз убакыт сурап жатат. Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча визасыз режим киргизелекте, визадан бул мекемеге 5 млн доллар каражат түшүп турган. Биз муну туристтерден келген каражат менен толтурабыз деп ойлогонбуз. Бирок иш жүзүндө андай болгон жок. 2012-жылы өкмөт визасыз режимди киргизүү боюнча мыйзамды сунуштап жатканда Мыйзамды белгилүү бир мөөнөт менен чектейли, 2015-жылы бул мыйзамдын жыйынтыгына саресеп салалы – деп айткам. Анткени, бизге туристтер көбүнчө Казакстан менен Орусиядан келет. Башка мамлекеттерден келген туристтер аз. Биз өлкөнүн коопсуздугун сактоо максатында да ушул сунушту демилгелеп жатабыз. Себеби, дүйнөдө терроризм күч алууда. Албетте, виза киргизүү менен гана өлкөнүн коопсуздугун толук сактаганга болбойт. Бирок коопсуздукка канча пайыз пайдасы болсо да, биз ошол мүмкүнчүлүктү толук пайдаланышыбыз керек», – деп демилгесин ачыктап берди.

### Киргизсек, электрондук виза киргизели

Тышкы иштер министрлигине (ТИМ) доллар түшпөсө да, элдин чөнтөгү менен жалпы мамлекеттик казынага ишкерлерден салык түшүп атат деген Искендер Шаршеев кийинки жүйөөлүү аргументтерди келтирди: «Визасыз режимди алып салуу ишкерлерге чоң залакасын тийгизиши мүмкүн. Ошол себептен визасыз кирүү жокко чыгарылса да, четтен келген коноктордун убактысын үнөмдөгөн электрондук визаны киргизүүнү сунуштайт элек. Анткени ТИМ 5-6 млн. доллардан куру калды деп биз туристтерди да, инвесторлорду да өзүбүздөн алыстатып алышыбыз мүмкүн. Биздин анализибиз боюнча визасыз режим киргизилген убактан бери туристтердин саны 40-50 пайызга көбөйгөн. Ар бир турист Кыргызстанда эң аз дегенде 3 күн жүрөт. Ал бир күндө орто эсеп менен 100-300 доллар акча коротот. Демек, бир туристтен эң эле аз дегенде жылына 1000 доллар каражат түшөт экен. Ошондо визадан түшкөн 5 млн доллардан да көп каражат топтоп жатпайбызбы. Ал акча мамлекетке туристтен түздөн-түз түшпөсө да, туристтерге кызмат көрсөткөн ишкерлер мамлекетке салык төлөп жатышканын унутпашыбыз керек. Коопсуздук маселесине келе туран болсок, эч бир террорист виза алып келбейт. Алар башка жолдор менен өлкөгө кирип келет. Мамлекеттин коопсуздугун визаны киргизүү менен эмес, ар тараптуу көзөмөлдү күчтөндүрүү менен камсыздашыбыз керек».


### ЖКнын сунушун туркомпаниялар анализдеп атышат

Өкмөт визасыз режим боюнча так пайдалуу чечим кабыл алуу үчүн бардык тараптын анализдерин кабыл алып атат деген Кыял Кенжематова бул демилге тууралуу төмөнкү пикирлер менен бөлүштү. «Жогорку Кеңештин комитетинин сунушун биз туристтик компанияларга жибергенбиз. Учурда алар өздөрүнүн анализдерин жиберип жатышат. Ошол анализдердин негизинде маселени талдап, бул боюнча бир пикирге келебиз. Учурда өкмөттүн визасыз режимди алып салуу маселеси боюнча туруктуу пикири жок. Бирок Чек ара кызматынын, Статистикалык комитети жана Бажы кызматынын берген маалыматтары боюнча визасыз режим ишке киргенден баштап туристтердин өлкөбүздү зыярат кылуусу бир топ арткан. Өлкөнүн туруктуу өнүктүрүү стратегиясында да, өкмөттүн акыркы программасында да туризм тармагы келечектүү тармак деп тандалып алынган. Демек, буга шарттар түзүлүшү керек. Ошол себептен визасыз режимди алып салуу сунушу дыкат анализденип, анан чечим кабыл алынышы керек деп ойлоймун.»

ЧОЛПОНАЙ ЛАТЫПЖАН КЫЗЫ

# Жер алдындагы суу имаратты кантип жылытат?

Борбордук Азиядагы Америка университетинин жаңы имараты жер алдындагы суу менен жылытылып атканын жазганбыз. Бул жылытуу системасын орнотууга кыргызстандык «ЭЛСИСТ» компаниясы да катышкан. Аталган ишкананын техникалык директору Советбек Назаралиев бул жаңылыкты бүткүл өлкөгө жайылтуу тууралуу айтып берди



Бул долбоор учурдагы электр энергияга, жылуулукка болгон тартыштыктан улам иштелип чыккан. Долбоорду америкалык фирма даярдаган. «ЭЛСИСТ» германиялык компания менен бирге бул жылытуу системаны орнотууга катышты. Жер алдындагы 10 даража жылуулуктагы суу жылуулук насосу аркылуу имараттын полундагы системага үйлөтүлөт. Бул жылуулук насосу 1 кВт электр кубатынан 5 кВт жылуулук чыгара алат. Ал сууну 50-60 даражага чейин ысытат. Полду ысытууга 40 градус ысык берилет. Эгер адатта колдонулган радиатор системасын койсок, эң төмөнү 70-80 даражадагы ысык берилиш керек болчу. Буга карабай, радиаторлор полго караганда бөлмөдө 20 даража төмөн жылуулукту камсыздай алмак. Натыйжада, ортодогу айырмачылыкты толтуруу үчүн кошумча жылыткычтар керек болмок.

Анткени менен электр кубатын үнөмдөө насостор менен гана чектелген жок. Мисалы, желдеткичтер имараттын ичиндеги абаны сыртка чыгарып жатканда өздөрү ысыйт. Ошол эле ысык имаратты жылытууга кетет. Бул да жакшы көрсөткүч.

Мындан сырткары университеттин ар бир бөлмөсүндө жылуулук ченегич (датчик) бар. Эгер бөлмө ысып баратса, ченегич бул аудиторияны полуна кирген ысык сууну бөгөп салат.

Жылуулук насосу жайдын күнү, тескерисинче, муздатуу үчүн колдонулат. Жайында имараттын ичиндеги ысып кеткен сууну насостор жер алдына айдап, жерден 10 даража муздак сууну бөлмөлөргө жеткирет. Бул аябай жакшы система. Америка университети Кыргызстанда ушул сыяктуу технологияларды колдонууда үлгү болду.

Адаттагы кондиционерден айырмасы – кондиционер сырттагы абаны жылытып, ич жакка берет. Эгер сырт минус 5тен төмөн болсо, иштебей калат. Ал эми бул система сырттагы абанын ысык же суук болгонунан көз каранды эмес.

Бул системага талап күчөп, мейманканалар сурап жатышат. Мейманкаларда дайыма эле бардык бөлмөлөр толо бербегендиктен, анын бир-эки кабатын гана жылуу кармап, калган жылуулукту келген кардарларга жараша бөлүштүрүүнүн жолдорун издеп сурап жатышат. Учурда мончолор менен иштешип жатабыз. Мончодо кышында да, жайында да көп ысык суу колдонулат. Ошондон улам күн энергиясы менен сууну бекер жылытуу боюнча иш алып баруудабыз.

БАХАР ХАКИМОВА

# Адам өзүн-өзү кантип өнүктүрсө болот?



Адам өзүн-өзү өнүктүрүүгө көп өбөлгө түзүп, инсандык жакшы сапаттарга ээ болуп калыптануусуна талыкпаган эмгек жана өжөрлүк керек. Жашоодо болбой турган нерсе жок, биз кааласак жашообузду жомокко айлантып, каалабасак көр турмуштун азабын тартып жүрө беребиз. Жаман сапаттардан арылуу жана тартиптүү тың жашоо тууралуу психолог жана жазуучу Александр Свияш эмне дейт

Жаңы жашоого эски илдеттерди калтырып жеңил баруу керек. Анткени көптөгөн адамдар мурда болуп өткөн жаман окуяларды эстөө менен келечектеги жашоосу да жаман болуп өтчүдөй чочулашат. Ошондуктан биз кимдир бирөөлөрдү күнөөлөй бербей, оңолууну өзүбүздөн баштасак. Сиз балким “жаман сапаттарыман кантип арылам” деп ойлонуп жатсаңыз керек. Анда эмесе колуңузга барак алыңыз дагы купулуңузга толбогон, сизди ыңгайсыз абалга калтырган нерселерди жазыңыз. Албетте, баштаганда эле жакын тегеретеңиздеги адамдарды жана аларга байланыштуу кырдаалдарды жазасыз.

Мисалы:

- Жетекчим - бир нерсе болсо эле мени урушат;

- Күйөөм - сараң жана бекерчи;

- Балам - компьютер ойногонду гана билет, башка эч нерсе менен алектенбейт;

- Сиңдим - акча сураганга эле кыйын;

- Ата-энем - дайыма эле уруша берет. Эмне жетишпейт аларга. Тажадым;

- Үйүм – тар. Чоңураак үйдө жашагым келет;

- Айлык акы - эстегим да келбейт. Өтө аз;

- Мышык - каалаган жерин булгайт;

- Салмагым - мени канааттандырбайт. Өтө семизмин.

**Бирок, сиздин купулуңузга толбой жаткан адамдардын сиз каалагандай мамиле жасабаганына эң биринчи өзүңүз күнөөлүүсүз. Себеби, бул жазылган тизменин сизден башка кожоюну жок. Ошол себептен бул акыбалды жакшы жакка өзгөртүүнүн жоопкерчилигин өз мойнуңузга аласыз. Андан соң экинчи тизме төмөнкүдөй кетет:**

- Мен жетекчим менен жакшы мамиле түзө албагандыктан, ал дайыма эле мени уруша берет. Буга мен өзүм күнөөлүмүн;

- Мен өзүм күйөөмө жетиштүү көңүл бурбагандыгыман жана жакшы ойлонбой короткондугуман ал мага акча бергиси келбейт;

- Мен балам менен жакшы тил табыша албагандыктан, ал дайыма мени укпай компьютерде ойноп отурат;

- Мен өз кызыкчылыгымды коргой албагандыктан, сиңдим дайыма менден акча сурай берет;

- Мен дайыма ата-энемдин жеке жашоосуна кийлигишип, жакшы жашагыла дей берем. Өзүмдүн үй-бүлөмдө эмне болуп жатканы менен ишим жок;

- Мени курчап алган көйгөйлөр менен жүрө берип, үйдү кеңейтүүнүн жолдорун такыр ойлонбоптурмун;

- Мен жумуштагы айлык-акынын аз берилишине өзүм күнөөлүүмүн. Анткени ага өзүм макул болгом;

- Мен жада калса, үй жаныбары мышыкты да бага албайм. Себеби, мен ага кайда заңдоонун үйрөткөн эмесмин. Буга мен өзүм күнөөлүүмүн;

- Мен тамакты өтө көп жейм жана “мен семизмин” деп наалый берем. Бирок бул үстө-кө-босток көйгөйлөр турганда кантип тамак жебей коём?

**Тизмедеги бул формулаларды жазган соң бул адамдардын сизге жакшы мамиле жасашына аракеттенип, дагы бир тизме жазасыз. Бирок тизмени жөн эле “мен оңолом” деп жазып койбой, оңолуунун так күнүн, айын же жылын көрсөтүшүңүз керек. Анда эмесе 3-тизме төмөнкүдөй:**

- Мен жетекчим менен жарым жылдын ичинде жакшы мамиледе болгонго жетишем;

- Бир жылдын ичинде күйөөм менен жакшы мамиле түзүп, менден акчасын аябагандай кылам. Күйөөм мындан да көп киреше табууну ойлоно баштайт;

- Мен балам менен тирешкенди токтотуп, бир жылдын ичинде аны менен тил табышам;

- Мен өзүмдү ойлоп, сиңдиме жарым жылдын ичинде акча бергенди токтотом. Анткени акча мага дагы керек;

- Мен ата-энемдин бири-бири менен урушуусун кечирем. Алар кандай жашоодо жашаарын өздөрү чечет;

- Мен үйдү кеңейтүүнүн жолдорун караштырып, 3 жылдын ичинде жок дегенде бир бөлмө болсо дагы кошууга аракет кылам;

- Мен өзүмдү сыйлоо менен жана окуу жайда аз акча алыш үчүн билим албаганымды далилдөө үчүн айлыгы кеминде 60 миң сом болгон өзүмө жаккан жумушка орношом;

- Мен үй жаныбарымды атайын кутучага гана заңдоону үйрөтөм;

- Мен өзүмө сергек жашоону тандап, салмагымды 55 килограммдан ашырбай жашоого көнөм.

***Мына ушул ыкмалар менен сиз башкаларды жаман көрүү сапатынан арылып, 3 тизме аркылуу жакшы жашоого жетишсеңиз болот.***

Даярдаган
АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



# Таласты 99 пайыз камтыганга жетиштик

Буга чейин газетада редакторлук кесипти аркалап жүрүп, кийинчерээк Талас телерадио компаниясынын (ТТР) эки тизгин, бир чылбырын колуна алган Үмөтов Эрмек Асанович акебиздин иш ордунда конокто болдук. Биз барганда ТТРдин мекемеси жаңыланып, көрк кошулуп турган экен. Агайыбыз өзү да бизди жадырап-жайнап тосуп алып, жагымдуу маек куруп берди…

**– Саламатсызбы агай. Талас теле-радио компаниясы качантан бери обого чыгып келатат?**

– Талас облустук телерадио компаниясы 1992-жылы ишке киришкен. Алгач Телерадио компания деп атаганы менен бир жумада бир жолу бир саатка гана чыкчубуз. Башында чет элдик кинолорду эле берип жүрдүк. 2011-жылдан тартып өз алдынча жыштык алып, толук кандуу телеканал болгонго аракет кыла баштадык. Нарын, Чүй, Талас, Ысык-Көл облустарынын телерадио компанияларынын жетекчилери менен чогулуп алып, тигиге кирдик, буга кирдик, өкмөткө кирдик. Мына ошентип жүрүп акыры бизге 44 млн. сом бөлүп беришти. Бул акча 6 облустун телекомпанияларына муктаждыгына жараша бөлүндү. Мына ошол акчага өзүбүзгө керектүү жабдууларды алдык да, 2012-жылдан баштап 5 сааттык программа менен күнүнө кечки 6дан түнкү 11ге чейин обого чыга баштадык. Эки ай иштегенден кийин дагы 2 саат коштук. Жыштыкты мамлекеттик байланыш агенттиги берет экен. Аны да чуркап жүрүп алдык. Лицензияларды алдык. Кыскасы, ошентип отуруп азыр облустун чегинде чыккан өзүнчө канал болдук, Кудайга шүгүр. Андан сырткары, быйылкы жылдын 18-октябрынан баштап биздин канал биринчилерден болуп санарипке өтүп, облусубузду 99 пайыз камтыганга жетиштик. Бул чынын айтканда абдан чоң көрсөткүч. Азыр элдин баары санариптик форматка өтө элек. Ага өтүш үчүн атайын рессиверин, антеннасын алышы керек. Санарип аналогго караганда өтө сапаттуу көргөзөт. Эл аналогдук форматка көнүп калган. Ошондуктан аналог менен санарипти июнь айына чейин көрсөтө беребиз, бирок июндан кийин аналог өчөт. Бүгүнкү күндө Талас облусу боюнча 30-35 пайызга чейин эл санариптик форматта көрүп атышат. Бул салыштырмалуу жакшы көрсөткүч.

**– Мамлекеттен пилоттук түрдө рессиверлер бөлүндү дебеди беле?**

– Жок, азырынча бөлүнгөн жок. Негизи ошондой сөз бар болчу. Эл өзү эле келип базардан 1800-2000 сомго сатып алып жатышат.

**– Рессиверлерди алгандан кийин мурунку эле антенналарды кошсо болобу? Мисалы баягы тарелкаларды же мурунку эски узун антенналарды.**

– Жок алар болбойт. Тарелкалар да болбойт. Атайын «дельта» деген антенна бар. Же дециметрлик антенна десеңер да түшүнөт.

**– Эми өзүңүздүн каналга келсек. Кайсы тилде чыгасыңар, канча берүүңөр бар?**

– Биз негизинен кыргыз тилинде чыгабыз. Бирок кинолор, документалдык тасмалар орусча берилет. Андан сырткары, мамлекеттик буйрутмаларыбыз бар. Мисалы, кыргыз тилиндеги кинолорду көбүрөөк бергиле деген тапшырма бар. Эски телефильмдерди, көркөм фильмдерди алып алганбыз. Ошолорду беребиз. Негизги контент катары өзүбүздүн берүүлөр чыгат. Мисалы, 7 сааттын 3,5-4 саатын өзүбүз даярдашыбыз керек. Албетте бул абдан оор.

**– Дагы канча саатка көбөйтөлү деген максатыңыз бар?**

– Кудай буюрса, июнь айында толугу менен санарипке өтүп алсак, 12 саатка чыгаралы деп ойлонуп атабыз. Өздүк программаны көбөйтүү абдан оор маселе. Себеби бизде 8-9 редактор, 6 оператор бар. Азыр 30 штатыбыз бар. Ошол штатты көбөйтсөк гана контентти толтурсак болот.

**– Штатты кантип толуктайсыздар? Мисалы, бюджетиңер кайдан келет?**

– Мамлекеттик бюджет гонорарды, айлык-акыны төлөп берет. Анан өзүбүздүн да тапканыбыз бар. Мисалы кулактандыруулар, жарыя-жарнактар бар. Шайлоодо биз 2 млн 200 миң сом таптык. Ошого жараша чыгымдарыбыз да бар. Бизде РПО РМТР деген техникалык жактан тейлеген мекеме бар. Ошого эле жылына 1 млн 200 миң сомдун тегерегинде төлөнөт.

**– Көркөм, документалдуу тасмаларды орусча беребиз деп айттыңыз. Ошолорду качантан баштап кыргызчага которолу, котормолор менен иштейли деп ойлойсуздар?**



**Облустук телеканалдар деле КТР менен өнөктөш эмес. Биз азыр тескерисинче, атаандашпыз.**

– Чынын айтыш керек. Бул маселе абдан оор. Которо албайбыз аны. Биздин деңгээл менен да которо албайбыз. Өтө көп акча керек. Которуш үчүн да уруксат алышыбыз керек.

**– Азыр КТРде сериалдар, мультфильмдерди которуп атышпайбы. Ошолорду сиз алып чыгарсаңыз болбойбу? Алар деле мамлекеттик канал, силердики деле мамлекеттик дегендей?**

– Жок, бербейт. Алар которуш үчүн канчалаган акча коротушкан. Облустук телеканалдар деле КТР менен өнөктөш эмес. Биз азыр тескерисинче, атаандашпыз. Эл кээде КТРди көрбөй, жергиликтүү каналга которуп коюп атпайбы. Анан эмнеге алар бизди жакшы көрүш керек? Мурун КТРде ар бир облустун 25 мүнөттүк убакыты бар болчу. Жергиликтүү каналдардан кезек-кезеги менен 25 мүнөттөн көрсөтүп турушчу. Бирок шайлоодо жаптырып салган бойдон ал кайра бериле элек. Себеби, биздин кээ бир маалыматтар, же берүүлөр КТРден да күчтүү кетип калышы мүмкүн. Же облустан келген материалдар начар болуп калат. Өздөрүнүн имиджин түшүргүсү келбейт да, алар деле.

**– Тажрыйба алмашуу деген болот эмеспи. Мисалы КТРдин адистери Түркиядан тажрыйба топтоп келип атышат. А силерде ушул жагы кандай?**

– Биз бул жагынан чет өлкөлөргө жете элекпиз, бирок борбордогу КТРКга тажрыйба алмашууга жиберип турабыз. Жылыга 5-6 адис Бишкеке барып, КТРдин жамааты менен аралашып, Ала-Тоо маалыматтык берүүсүнүн даярдалуусуна кошулуп иштеп келишет. Бул жагынан КТРКга рахмат. Эми алардын кантсе дагы биздин каналга агалык орду бар да. Ошондуктан бизден баргандарды тосуп алып, аркы-беркини көргөзүп, көргөн-билгенин үйрөтүп турушат.

**– Бул жактан баргандардын жаткан-турганын, ичкен-жегенин да бүт камсыз кылышабы?**

– Жок, аларды өзүбүздүн каражат менен жиберебиз. Андан сырткары, Интерньюстан да акча которулат. Маданият министригинин да колдоосу бар.


**– Түшүнүктүү агай. Жакшы маек куруп бердиңиз. Эми биздин гезитке кандай пикирлериңиз бар, бизден эмнени көргүңүз келет эле?**

– Мага чынын айтканда силердин гезит жакты. Жакшы чыгып атасыңар. Гезитиңердин атын да «Сaресеп» деп койгон турбайсыңарбы. Бул сөз эч нерсесин калтырбай тыкырайта эсепке алуу дегенди билдирет да. Кыргыздар үй-бүлөлүк бюджетти эсептөө боюнча өтө начар болуп атабыз. Өзүнчө бир бетти үй-бүлөлүк экономикага, үй-бүлөлүк бюджетти эсептегенге арнап койсоңор. Элге ошону түзүүнү үйрөтүш керек да. Мисалы, немистердин үй-бүлөлүк бюджети 2-3 жыл мурун түзүлөт. Менин немис досторум бар эле. Алар 3 жылдан кийин канча акчасы болорун, кайдан болоорун алдын-ала билип алышат. А кыргыздар өкмөткө кыйкырып атпайбызбы. Ой тигинче түгөтүп салышыптыр, дефицит, баланча миллион чыгаша деп. Бирок, ошол кыйкырып аткан киши мамлекетти кой, өз үй-бүлөсүнүн бир жылдык чыгымы менен кирешеси канча болорун билбейт. Статистикалык маалымат боюнча элеттик кыргыздар той-ашка 63 пайыз коротушат экен. Ал эми гезит алууга 0,03 пайыз кетирет. Балдарынын кийимине дагы нөл бүтүн бирдеме кетирет экен. Китепке да өтө аз сарптайт. А той-ашка чачканы тигил. Эл өз бюджетин түзгөндү үйрөнсө, мамлекеттин бюджети түзүлөт эле да. Атамбаев менен Сариевди эле жөн эле сөгө бергенди коюп, өз эсебиңди карап ал. Анан өзүң карызда отурсаң, ар кайсы банктын кайырмагына кекиртегиңен илинип туруп кайра кантип бирөөнү сөгөсүң.

**– Маегиңиз абдан кызыктуу болду. Рахмат сизге. Жакшы туруңуз.**

# Адабият күнү белгиленди

12-декарь ишемби күнү Алыкул Осмонов атындагы Улуттук китепканада адабият күнү белгиленди. Бекеринен бул күндү уюштуруучулар адабият күнү деп аташпаган чыгар. Себеби ушул күндө кыргыз адабиятын бири союздук деңгээлге, экинчиси дүйнөлүк адабияттын деңгээлине жеткирген эки чыгармачыл залкардын өмүр-таржымалдарына байланыштуу пландаштырылганы көрүнүп турат. Биринин бул жалган дүйнөдөгү өмүр тамыры соолуса, экинчиси жарык дүйнөгө келип, жараткан тартуулаган өмүрү көктөй баштаган күн



## Эки асканын бийиктиги

Жазуу-сызууга жаңы гана ээ болгон кыргыз профессионал адабияты тамтуң басып, элдик оозеки чыгармачылыктын нугунан чыга албай жатканда, Алыкул кажыбас кайраты, кужурмөн мээнети, алп талантынын күчү менен поэзия мухитине бой таштап, жаңыдан телчигип келе жаткан кыргыз поэзиясын дүйнөлүк океандын албуут толкундарына чөгөрүп жибербей, жээктен-жээкке сүйрөп чыккан адис суучул сымал эле.

Ал эми Чыңгыз Айтматов тууралуу кеп кыла турган болсок, кыргыздын таалайына жаралган, улуттук адабиятыбызды дүйнөлүк адабияттын катарына кошкон кара сөздүн дыйканы десек болор.

Даниялык жомокчу Ганс Христиан Андерсенден королдун жакындары “атактуулук” тууралуу бир кичинекей эпизодду импровизация кылып бериңизчи дешет. Андерсен эч ойлонбой туруп, маңдайдагы готикалык түзүлүштөгү бийик имаратты көрсөтүп: “Атак ушул имараттын чокусунда отуруп, эңкейип, өйдө-ылдый өткөн элдердин ичинен бирөөнүн алаканына ала коюп, назарын сала карап туруп, колунда отурган адамды акырын ылдыйга таштап жиберди” десе, королдун жандоочулары – аял-эркектер дебей: “Ай, ийи, сиз, жок жерден образ жарата билген, ченде жок чеберсиз”, – деп таңыркашкан экен. Ал эми авар элинин жазуучусу Расул Гамзатов, тескерисинче: “Айтматов Фудзияманын чокусуна чыкканда, эч кимди жогортон текеберлик кылып караган эмес”, – деп, атак-даңк оорусу менен оорубай, жөнжөнөкөй бойдон калганын айткан экен.

Айтайын дегеним, 12-декабрды жогоруда ысымдары эскерилген кыргыз адабиятынын эки лөгүнүн туулган күнү, өлгөн күнү менен байланыштырып, адабият күнү деп аталышында өзгөчө бир символика бар десек болот. Себеби, бул эки ысымсыз кыргыз адабиятын элестетүү мүмкүн эмес.

## Улуттук китепканадагы иш-чара

12-декабрда А.Осмонов атындагы Улуттук китепканадагы “Адабият майрамын” ушул мекеменин жетекчиси Жылдыз Бакашева ачып, Акбар Рыскуловго сөз берди. Өз сөзүндө белгилүү акын кыргыз журтчулугундагы бардык калем шилтеген өнөрлүү адамдарды адабият күнү менен куттуктады.

Президенттин аппарат жетекчисинин орун басары Марипов Улукбек Асимидинович Кыргыз Республикасынын президентинин атынан сүйлөп, бардык адабият сүйүүчүлөрдү адабият майрамы менен кызуу куттуктады. Ал Президент Алмазбек Атамбаевдин атынан Улуттук адабият күнүнө карата кайрылуу жолдоду. Кайрылууда президент:

*“Урматтуу мекендештер!*

*Бүгүн жергебизде Улуттук адабият күнү белгиленип жатат.*

*Ар бир элдин руханий маданиятынын жүзүн, жетишкен бийиктигин чагылдырган адабий чыгармалар жана улуу инсандар бар. Кыргыз улуттук адабияты жөнүндө сөз болгондо биринчи кезекте “Манас” эпосу аталат. Андан кийин Чыңгыз Айтматовду айтабыз. “Манас” басып өткөн тарыхыбыздын энциклопедиясы болсо, Чыңгыз Айтматов элибиздин XX кылымдагы маданий гүлдөп өсүшүнүн туу чокусу.*

*Биз, кыргызстандыктар, элибиздин руханий байлыгы менен, адабиятыбыз менен дүйнө элинин алдында сыймыктансак болот.*

*Улуттук адабият мамлекетибиз менен кошо телчигип, өнүгүп-өстү. Элибиздин басып өткөн тарыхын, үмүтүн жана тилегин чагылдырып, билим таратты, тарбия-таалим берди. Дүйнө таанымын кеңейтип, дүйнө элдеринин маданиятын, улуу акылмандар жана жазуучулар менен тааныштырды. Элибиздин ички дүйнөсүн байытып, жалпы улуттук маданияттын, искусствонун өнүгүшүнө бел болду.*

*Улуттук адабияттын калыптанып өнүгүшүнө жүздөгөн калемгерлер салым кошкон. Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Алыкул Осмонов сыяктуу залкар жазуучулардын чыгармалары аркылуу улуттук адабият бийик баскычка көтөрүлүп, классикалык деңгээлге жетти.*

*Акыркы жылдары жергебизде туруктуулук орноп, мамлекет тынч эмгекке, руханий дөөлөттөрүн терең изилдеп, өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бөлө баштады. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча конкреттүү кадамдар жасалды. Эми көркөм адабиятты өнүктүрүү, китеп өндүрүшүн жакшы жолго коюу дагы колго алынганы турат.*

*Дүйнө оомал-төкмөл болуп, айрыкча интернет күч алган мезгилде улуттук адабият алдында көп милдеттер турат. Жазуучуларыбыз жалпы журтка чындыкты жеткирип, элдин үмүтүн, тилегин терең чагылдырып, жакшылыкка, жаратмандыкка жана өнүгүүгө шыктандырып турууга тийиш. Биз жаңы таланттарды, элибиздин демине-дем кошуп, сыймыгыбызды арттырган жаңы чыгармаларды күтөбүз.*

*Биз, азыркы муундун өкүлдөрү, адабиятыбызды, маданиятыбызды жана ата-бабаларыбыздын руханий дөөлөттөрүн терең урматтап, сыймыгына татыктуу болушубуз керек. Манас атабыздын башкы осуятын - көп этностуу Кыргызстандын биримдигин жана ынтымагын көздүн карегиндей сактап калууга милдеттүүбүз! Ата-бабаларыбыз кыялданган күчтүү, көз карандысыз, гүлдөп өнүккөн мамлекет курууга тийишпиз!»* – деп адабият сүйүүчүлөрдү жаңы бийиктиктерди багындырууга шыктандырган.

Жогорку кеңештин депутаты Садык Шернияз да эгемендүүлүк жылдарынан кийинки 20 жылда кыргыз коомунда пайда болгон боштукту ар түрдүү экстремисттик маанайдагы уюмдар пайдаланып жаткандыгын, учурунда адабиятка, маданиятка Өкмөт тарабынан жеткиликтүү мамиле кылынбаганын айтып, жаштарыбыздын улуттук баалуулуктарыбызды унуткарбашы үчүн, жаш муунду тарбиялоодо адабияттын, маданияттын, искусствонун маанилүүлүгү тууралуу айтып кетти.

> “Юнесконун” маалыматы боюнча Айтматовдун чыгармалары 170тен ашуун тилге которулуп, 80 миллиондон ашык тираж менен жарыкка чыккан

## Айтматов окуулары

Чыңгыз Айтматов тирүү болгондо бул күндөрү 87 жашка чыкмак. Алп жазуучунун 87 жылдык датасына байланыштуу “Айтматов окуулары – 2015” аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциясы болуп өттү. Бул иш-чарага Азербайжан, Казакстан, Кытай, Өзбекстан, Орусиядан жана Түркия мамлекетинен өкүлдөр келип катышты. Конференцияда 2018-жылды “Айтматов жылы” деп жарыялоо керек деген сунуштар айтылды. Ошондой эле Айтматовдун 90 жылдыгына карата даярдык көрүү жана Айтматов энциклопедиясын чыгаруу тууралуу сөздөр сүйлөндү.

Айтматовдун чыгармалары дүйнөнүн 170тен ашуун тилине которулган. Айтматов чыгармалары бүгүнкү күндө эң көп окулган жазуучулардын бири болуп саналат. Бул тууралуу Кытайдан келген окумуштуу Ши Джин Хи: “Мен Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын 1980-жылдардан бери окуп-изилдеп келем. Жазуучунун бардык китептери кытай тилине которулган. Алардын ичинде Айтматовдун “Жамилясын”. “Кылым карытар бир күн”, “Ак кемесин” окубаган кытай жок болуш керек”, – дейт. “Юнесконун” маалыматы боюнча Айтматовдун чыгармалары 170тен ашуун тилге которулуп, 80 миллиондон ашык тираж менен жарыкка чыккан. Бул симпозиумга Чыңгыз Айтматовдун ынак досторунун бири Муктар Шаханов да келген. Ал киши: “Биз Чыңгыз Төрөкулович экөөбүз узак жылдардан бери дос болдук. Бизди тааныштырган кыргыздын чыгаан акыны, менин досум Жолон Мамытов эле. Маскөөдө жаш жазуучулардын кеңешинде тааныштырган. Ошондон бери арабыз ажыраган жок. Экөөбүз биргеликте “Аскада калган аңчынын ыйы” аттуу чыгарманы жаздык деди.

Ушуга байланыштуу адабият күнүндө Улуттук китепканада Айтматовдун китептери, анын чыгармаларына карата жазылган монографиялар, макалалардын жыйнактары коюлган көргөзмө болуп өттү.

## Жаңы ысымдар

Бул иш-чаранын жүрүшүндө кыргыз прозасын өнүктүрүү максатында ай сайын өтө турган аңгемелер сынагы жана “Калемгер” адабий клубу уюштурган “Жаңы ысымдар, жаңы мүмкүнчүлүктөр” аттуу аңгемелер сынагынын жеңүүчүлөрү аныкталды. Бул сынакты уюштуруучулардын бири Кылычбек Исамидиновдун айтуусу боюнча 1-орун калыстар тобунун чечими менен Эльмира Ажыкановanyн калемине таандык “Боз дүйнө” аттуу чыгармасына ыйгарылды. Эльмира Ажыканова биринчи даражадагы диплом менен сыйланды. Ал эми экинчи орунга Максат Жангазиев аттуу жигиттин “Мандатия” аттуу чыгармасы Фейсбуктагы көптөгөн колдонуучулардын добушу менен 2-даражадагы дипломго татыктуу болду. Буга кошумча акчалай сыйлыктары дагы бар деди. Кыскасы, мындай иш-чараларды салтка айландыруу “Калемгер” адабий клубунун алдындагы максаттуу иши боло тургандыгын баса белгиледи.

ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Акыркы үмүтүм – акыйкат чечим

**Акыркы жылдары окуучулар арасындагы рекетчиликтин айынан жапжаш балдар он гүлүнүн бир гүлү ачылбаган бойдон бул жашоо менен кош айтышууда. Коомчулукта терең кулач жайып бара жаткан мындай терс көрүнүштүн жолун бөгөө - бардык эле ата-эненин оюнда. Бирок, ошого карабай, өзүм билемдикке салып, же күчтүүлүгүн көргөзөм деп жаңылган өспүрүмдөр бирөөнүн өлүмүнө себепкер болуп, жаштайынан абакка олтурушууда**



Ошондой окуялардын бири үстүбүздөгү жылдын 19-сентярь күнү Нарын облусунун Жумгал районуна караштуу Көк-Ой айылында катталды. Анда Султан Турусбеков атындагы орто мектептин 9-классынын окуучусу Жекшенбек уулу Эркинбек каза тапкан. Учурда ал окуяга күнөөлүү деп 11-класстын окуучусу Таалайбек уулу Жайылбек шектелип, тергөө иштери жүрүп жаткан экен. Натыйжада, биз дагы окуя боюнча иликтөө жүргүзүп көрдүк.

### «Бир ышкырганда баарыңар жер төлөөгө кирип калгыла!»



**Маркумдун энеси Кылым:** «Мен бул ишти окуяга катышкан балдардын айтуусу боюнча айтып берейин. Бул 2015-жылдын 19-сентябрында болуп өткөн. Ошол каргаша болгон учурда 11-класстарга дене тарбия сабагы болуп жатыптыр. Сабак бүтөрүнө 10 мүнөт калганда 9-класста окуган Эркинбектин эки классташ баласы Акматбек уулу Тагдырбек менен Кубаныч уулу Дастан «суу ичип келели» деп сыртка чыгышат. Аларды 11-класстын эки баласы тосуп чыгып, 9-класстын балдарынын баары жер төлөөгө келсин деп буйрук беришет. Натыйжада, жанагы эки бала келип менин баламды жана калган сегиз классташын жер төлөөгө чакырып барышкан. «Аңгыча тыныгуу болуп калды» – дешти. Бирок мен ал нерсеге ишенбейм. Себеби, ал жер төлөдөгү окуя көпкө созулган. Анан ошол жердеги 11-класстын окуучусу Тынчтык уулу Исман айтыптыр: «Бир ышкырганда баарынар келип калгыла», – деп. Ошол маалда жер төлөөгө балдар кирип бара жаткандыгын мектеп директору Атантаева Гүлнара көрүп, 9-класстын эки баласын чакырып, «Суу алып келгиле!» деген. Ошону менен 9-класстан 11 бала, 11-класстан 8 бала болуп жер төлөөгө киришкен.

Азыркы учурда Таалайбек уулу Жайылбек убактылуу кармоочу жайда отурат. Анын айтымында, Алмазбек уулу Ислам менин уулум Эркинбекти көкүрөк тушка уруптур. Ошондо ал төшүн басып туруп калган экен. Андан кийин Тынчтык уулу Исман: «Булар айтканды укпайт», – деп балдарды катарынан тээп чыгыптыр. «Андан кийин мен балдарды уруп келатып, Эркинбекти чаап өтүп, кийинки баланы урганымда Эркинбек тизеси менен жерге отуруп калды», – дейт. Менин балам бир соккудан өлө турган бала эмес болчу. Өзү спортко катышып, активдүү жүргөн бала эле.»

### Чачымды кыркып жатышат...

«Менин балам 15-16-сентябрь күндөрү сабакка барган эмес. Эмнеге барбайсың десем: «Чаекке балдар болуп концертке барабыз», – деген. Ошол маалда депутаттар концерт берип жүргөн кези болчу. Эртеси күнү тургузсам, дагы барбай койду. Эмнеге барбайсың десем «11-класстын баласы Алмаз уулу Ислам кырктырган чачымды жаратпай жатат», – деди. «Бүгүн дагы текшеришет», – деп сабагынан калып калды.»

### Бул деген чоң кайдыгерлик эмеспи

«Эркинбектен кийинки уулум жай бою гайморит болуп ооруп жүрдү. Мен 16-17-сентябрь күндөрү аны райондук ооруканага көрсөтүп, Бишкекке жолдомо алып он сегизи күнү кечки автобус менен шаарга кеткем. Эркинбек жакшынакай эле узатып калган. Эртеси баламдын классташы чалып: «Эже, Эркинбек эси ооп мектепте жыгылып калды, келиңиз» деди. Анан кайра чалып, «Эже мектепке келбей эле коюңуз, аны тез жардам алып кетти» деди. Өзүм шаарда болгондугума байланыштуу Чаектеги эжеме чалып айтсам, «Бала реанимацияда» экен деди. Көрсө, балам реанимацияга деле жетпептир. Мектептен эле жан берген экен. Айылдык бейтапканада иштегендер болсо: «Баланын жан бергенин билип эле үйгө жибергенбиз», – дейт. Ошол жерден баламдын сабоо жегенин көрүп турушса да кантип милиция чакырышкан жок. Андан дагы баламды жарым саат бою суу чачып, ары-бери сүйрөп жүргөндө деле кантип көрүшпөйт? Бул деген чоң кайдыгерлик да. Сөөктү үйгө алып келишкенде кошуналар сабоонун тактарын көрүп алышып, анан милицияга кабарлап жатышпайбы. Милиция баламды өлүкканага үйдөн алып кетти.»

### Чындыгында бардыгы коррупция болуп кетти

«Учурда соттук экспертизанын жыйынтыгы бир балага эле күнөөнү оодарып жатат. Алардын айтуусунда «балам жүрөк тушка сокку жеп» кулаган имиш. Мен мунун баарын негизги уюштургандар Тынчтык уулу Исман менен Алмазбек уулу Ислам деп айта алам. Себеби 18-сентябрь күнү дагы балам классташ кызына: «Тынчтык уулу Исман колумду оорута сабады», – деп 3-саатта үйгө кетип калганын айткан. Классташ кыздары дагы: «Кээде биз 11-класстын балдарына бергиле деп балдарыбызга акча чогултуп берчүбүз», – деп айткан. Эми ушул жерден айтылчу нерсе, эгер мугалимдер анчалык кайдыгер болбосо, балдар кайда кетти деп толукташ керек эле да.

Нарындан келген тергөөчү «иш сотко өтөт» деп тергөө ишинин жыйынтыгын берип кеткен. Бирок, сотко чейин эле калган балдар акталып чыгып кетти. Коррупцияга киришип жаткандар балдардын ата-энеси менен тергөө ишиндеги эле адамдар деп билем. «Калган балдардын чапкан-тепкени алынсын» деп эле далайын актап чыгарып жиберишти. Ал эми Таалайбек уулу Жайылбек 97-беренеден (адам өлтүрүү) 104-беренеге (кокустук) которулуп кетти. Үстү жактан болсо эч кандай суроо-сопкут болгон жок. Өзүм «Акипресске» барып маалымат берип келдим. Баламдын өлүмү боюнча Премьер-министр Темир Сариевдин айтуусу боюнча Дамира Ниязалиева баш болгон атайын комиссия түзүлүп, окуя боюнча абалды сурап кетишкен. Бирок, андан бери алардан да эч кандай жардам болгон жок. Менин президентке кайрылуумдун арты менен иш облустук сотко өттү. Азыр кылмышты Нарындан Ниязбеков Рыскулбек тергеп жатат.»

### Баламдын кунун чечпей эле, акыйкат чечим чыгарып беришсе

"Менин таң калганым, бардык иш такталып, калган балдардын чапкан-тепкени билинип турса да, иштин жабылып жатканы да. Алардын арасында «Баламды миллион берсем дагы куткарып алам», – деп мактангандары да бар. Мен бул ишке биринчи мектепти, шалаакы мугалимдерди күнөөлүү деп айтам. Бул ишке Таалайбек уулу Жайылбекти гана күнөөлүү деп эч убакта айтпайм. Менин соттон күткөн чечимим уулумдун кунун бычпай эле күнөөлүүлөргө акыйкат чечим чыгарып берсин. Негизи уюшулган ишке катыштыгы бар бардык балдар суралса эле ким күнөөлүү, ким таза экени чыгып калмак. Соттон мен акыйкаттык гана күтөм!»

*Эскерте кетсек, бул чуулгандуу окуядан кийин мектеп директоруну жана класс жетекчилер өз ыктыярлары менен жумуш ордуларын бошотушкан. Ал эми 2-декабрда жаңы директор болуп келген Талант Жолдубаев буларга токтолду:* «Бул окуянын болуп кетүү себептерин бул же тигил деп так айтуу кыйын. Себеби, бүгүнкү күндө балдар ата-эненин айтканын укпай, ошонун айынан түрдүү кырсыктар болуп жатат. Окуя сабак учурунда болуп жаткандан кийин мугалимдердин дагы күнөөсү жок деп айта албайбыз. Негизинен ата-энелер балдарына болгон мамилесине, тарбиясына жакшыраак көңүл бурса деген ойду айтар элем. Алдыда мындай иштердин кайталанбоосу үчүн атайын ата-энелер менен тыгыз иштешүү максатында чогулуштарды өткөрүп, болушунча тартипти сактоого аракет кылабыз.»

*Маркумдун өлүмүнө шектелип жаткан Таалайбек уулу Жайылбектин классташы, 11-класстын окуучусу Абасбек кызы Анара буларга токтолду:* «Окуянын мындай болуп кетишин эч ким күткөн эмес. Рекетчилик, салык салуучулук терс көрүнүштөр жок болсо жакшы болуп, окуучулар башка жакшы нерселер менен алек болушмак деп ойлойм. Эки жактын тең ата-энелерине абдан жаман иш болду.»

*Маркумдун классташтарына кайрылганыбызда 9-класстын окуучусу:* «Эч нерсе боло электе эле жакын досубуздан ажырап калдык. Мындай окуялар эч качан болбосун дейбиз. Классташыбыздан айрылып калганыбызга ичибиз ачышып турат", – дейт.

*Кылмышка шектелип жаткан Таалайбек уулу Жайылбектин апасы Рита Исакова болсо:* «Окуя болгон күндүн эртеси эле баламды убактылуу кармоочу жайга алып кетишкен. Ошол күндөн тарта балам камакта. Негизинен тергөө иши акыйкатсыз болуп жатат. Эмнеге калган балдар акталып кеткени түшүнүксүз. Мени калган балдардын камакка алынышы кызыктырбайт. Болгону бардык катыштыгы бар балдар да суракка алынса болмок. Эми соттун акыйкат чечимин күтүп атабыз», – деди.

*Сарсеп гезити бул окуя боюнча акыйкат чечим кабыл алынат деген ишеничте соттун чечимин күтөт. Биз окуянын жүрүшүнө көз салып, элибизди кабардар кылып турууга ниеттендик.*

УМСУНАЙ ӨМҮРБЕКОВА

# Кумар оюндун картасына айланган мусулман өлкөлөрү

Оюн биз жок эле башталган. Аны токтотууга күч жетпейт. Кошулайын десең, оюнчунун колундагы кагаз картасың. Ал чечет, сени оюнга кошууну же кошпоону. Бирок ойгонсоң, мунун баары балким түштүр...

## Моюн сунбаганга мыйзамдын пайдасы тийбейт

Кыргызстанда бири-бирине окшогон бир нече окуя болду. Жайында Бишкектин Горький көчөсүндө террордук акцияга даярданып атат деген адамдар жок кылынды. Ноябрда түрмөдөн качкан 9 кылмышкердин 3өө абакта, 4өө сыртта өлтүрүлдү. Кечээ жакында аймактык милиционерди өлтүргөнгө катышкан делген 2 адам атылып, жашаган жерлеринен бир топ курал-жарак табылды. Эмне үчүн диний радикалдардан атып кутулуп атышат? Себеби бир эле. Алар мамлекеттин мыйзамдарына да, "чёрный" деп аталган чөйрөнүн эрежелерине да, мусулман шариятына да, ата-бабанын каада-салтына да чоочун. Ошондуктан радикалдардын мыйзамга баш иерине эч ким кепил боло албайт.



**Марин Ле Пен** жетектеген ашкере улутчул Элдик фронт Франциянын 13 шайлоо аймагынын 6сында бийликти алып коё жаздады

Буга окшогон окуялар дүйнөдө да болуп жатат. Террорчулуктун ислам дини менен байланышы жок экенин демократиялык мамлекеттердин лидерлери бир ооздон айтышып келет. Радикал жана экстремисттик топтордон алыс болгон мусулмандар бул сөздүн туура экенин билишет. Бирок кээ бир мусулман жаштардын канкор үгүтчүлөрдү ээрчип кетип атканы – факт.

> «Маселе адамдардын оңбой калгандыгында эмес. Маселе - адамга адам катары жана мыйзамга мыйзам катары мамиле кылынбай калганында.»

Дүйнөдөгү акыркы кандуу кылмыштарды Францияда, Германияда жана АКШда туулуп-өскөн мусулман жарандары уюштурган. Бул көйгөй батыштык серепчилердин да башын оорутуп келет. Алардын баамында бул жаштардын ата-энелери батыш коомуна качкын катары келишкен. Убагында алар батыш коомунун жектөөсүнө туш болушкан. Мындай мамиле алардын үй-бүлөлөрүнө терс таасир берип, балдары өздөрү төрөлгөн коомго чоочун болуп өсүшкөн. Ара жолдо калган бул муунду акыры радикал топтор өз кызыкчылыгына колдоно баштаган.

Кээ бир мусулман серепчилер да: «Эмне үчүн кээ бир адамдар Кудайдын да, мамлекеттин да мыйзамдарына баш ийишпейт?» – деген суроо беришүүдө. Алардын баамында мыйзам ким тарабынан өкүм кылынбасын, эгер адам ага баш ийип, моюн сунбаса, ал мыйзам ага эч кандай пайда алып келбейт. Эң жогорку коомдук секиичеде тургандар мыйзамга баш ийүүнүн үлгүсү болбой, аны каалаганындай бурмалай берсе, укукту көзгө илбөө илдети коомго тез эле жайылат. Исламдын 14 кылымдык тарыхында бийликти башкаларга тарттырып жиберем деп коркуп, өздөрү чыгарган кыска ойлуу эрежелерин Ыйык Курандын талаптарына теңеп жиберген өкүмдарлар да өткөн. Азыр да мусулмандык делген кээ бир мамлекеттерди ушуга окшогон заалымдар башкарып келет.

Демек, маселе адамдардын оңбой калгандыгында эмес. Маселе – адамга адам катары жана мыйзамга мыйзам катары мамиле кылынбай калганында.

## Улутчулдар батыш бийлигине илешүүдө

ДАИШ деп атала баштаган, өздөрүн «Ислам мамлекети» дешкен террорчу топ менен Орусиянын Сириядагы кагылышуусу Европа саясатында таң калыштуу натыйжаларды бере баштады. Европа мамлекеттеринин үчүн алган сириялык качкындардын азаюусу же арбуусу бул эки күчтүн жоолашуусунун тутанып же басаңдашына байланыштуу болуп калды. Айрым батыштык серепчилер Владимир Путин уят-сыйытты жыйыштырып коюп, Жакынкы Чыгыштын качкындарын таш боордук менен Европага каршы пайдаланууда деп жазып жиберишти.

Владимир Путиндин авторитардуу жана улутчул лидердин үлгүсү болуп калганы эч кимге жашыруун эмес. Анын дүйнөдөгү аброюнун артуусу жер жүзүндөгү авторитардуу улутчул лидерлерге дем берип келет. Бул аптада дүйнөнүн авторитар-улутчул лидерлери менен демократиялык башкарууну каалаган мамлекеттердин төбөлдөрүнүн көңүлү Францияга бурулду. Себеп дегенде, үгүт иштеринин бир бөлүгүн орусиялык каржынын эсебинен жүргүзүп келген Марин Ле Пен менен анын жээни Марион Марешаль-Ле Пен деген айымдар жетектеген ашкере улутчул Элдик фронт Франциянын 13 шайлоо аймагынын 6сында бийликти алып коё жаздады. Алып коё жаздады дегенибизди кененирээк түшүндүрсөк, Францияда жергиликтүү шайлоолор эки тур менен өтөт. Жергиликтүү өкмөттү башкарууга мүмкүндүк берген 1910 мандатка быйыл 170 партия менен саясий топтордун 21,4 миң талапкери ат салышкан. Шайлоонун биринчи турунда Евробиримдиктен чыгуу жана сириялык качкындарды киргизбөө урандары менен чыккан Ле Пендердин партиясы жогорудагы натыйжага жетишкен. Белгилүү бир пайыздык бөгөттү ашып өтө алган партиялар экинчи турда кайра ат салышат. Азыркы президент Франсуа Оланд жетектеген Социалисттик партия улутчулдардын бийликке келүүсүнө бөгөт коюу үчүн талапкерлеринин тизмелерин кайра чакыртып, шайлоочуларын Николя Саркози жетектеген Республикалык партиянын талапкерлерин колдоого чакырган. Серепчилердин айтымында жергиликтүү шайлоолордо улутчулдарга бөгөт коюуга Франциянын премьер-министри Мануэль Вальс да чоң салым кошкон. Биринчи турда шайлоого 49 пайыз гана шайлоочу келгенин көргөн Вальс элге улутчулдар бийликке келсе, жарандык кагылышуулар башталат деп, элди экинчи турга активдүү катышууга чакырган. Экинчи турга шайлоочулардын 58,5 келип, улутчул Элдик фронттун бир да өкүлү 13 аймактын биринин да башына келе албай калды. Ошентип, атайынбы, же кокустукпу, айтор, сириялык качкындарга каршы чыгып, орусиялык акча менен шайлоого кирген партия аз жерден Евробиримдиктин тымтыракайын чыгарып сала жаздады. Бул шайлоолор 2017-жылы өтчү парламенттик жана президенттик шайлоолордун репетициясы экенин билсек, маселе ушу менен токтоп калбашына көз жетет. Марага колу жетип туруп, утулуп калганына ызаланып ачуусу келген Ле Пен айым: «Бизди эч ким токтото албайт», – деп бекеринен айткан жок болуш керек.

> «Сириядагы абал өзгөрсө да, тетири тарапка гана өзгөрүүсү мүмкүн»

## Орустун оюну жаман...

Дүйнөлүк саясат карта менен ойногон кумар оюнундай эле болуп бaратат. 20 жылдан бери текей оттогонсуп, мунай менен куралдан башка таянар тоосу жок экенин орустардын премьери Дмитрий Медведев жакында моюнга алды. Ушунча убактан бери же экономикасынын башка тармактарын жетишерлик өнүктүрө албаган, же мамлекеттик каналдарынан аракечтик менен бузукулукту токтотконго дарманы жетпеген орус бийлиги курал менен мунайга гана үмүт артып турганы айныгыс факт. Кудум ашынган кумарпоздорчосунан батыш менен орус тарап ортого коюлган олжонун кунун арттыргандан арттырып, дүйнөдөгү бардык аферист топтордун бүйүрүн кызытып турат. Кимисинин жеңинен көзүрдүн көзүрү суурулуп чыгып, ортодогу олжону кимиси баса жыгылары али белгисиз. Ал эми ортодогу олжо дегенибиз, өз өлкөсүнүн заалымдарынан кутулам деп дүйнө заалымдарынын колуна түшүп калган Жакынкы Чыгыштын калкы.

Эми куру сөздү куура бербей кепти Орусиянын мамдумасынын эки жолку эл өкүлү, Крымдын Орусияга кошулуусуна каршы чыккан жалгыз депутат Илья Пономаревго узаталы. Ал «Haqqin.az» маалымат булагына берген маегинде төмөнкү маанилүү нерселерге көңүл бурган. «Дүйнө базарларында мунайдын баасы 40 доллардан төмөн түшүп кетти. Мунайдын куну ылдыйлаган сайын Орусия Жакынкы Чыгыштагы абалды азыркыдан да катуу курчутууга мажбур. Биздин мамлекет мунайдын баасын көтөрүү үчүн дүйнөнүн башка жерлеринде да кырдаалды курчутууга кызыкдар. Ошондуктан, Сириядагы абал өзгөрсө да, тетири тарапка гана өзгөрүүсү мүмкүн. Бул жерде баш оорутуп ойлончу деле эч нерсе жок. Башаламандык күчөгөн сайын, мунайдын баасы да жогорулайт.»

Орусиядагы экономикалык кризис курчуганы менен кандайдыр бир өзгөрүү болушу мүмкүн эместей. Бирок, күн өткөн сайын туташ тутанып кетчү маселелер көбөйгөндөн көбөйүп бара жатат. Орус ак сөөктөрүнүн арасында да мамлекеттеги жана анын тегерегиндеги абалга наараазы болгондор көбөйүүдө. Анткени менен орусиялык элитадар Батышка анчейин ишене бербегендиктен, өз бийлигине кандайдыр бир каршылык көрсөтөрүн божомолдоо кыйын. Батыш алсыз жана ишенимсиз. Ман алыска көз чаптыгран стратегиясы да жоктой. Бардык нерсе АКШдагы президенттик шайлоого чейин ырбап кете берет окшойт», – дейт «Справедливая Россия» партиясынын депутаты.

Орусиянын президенти Владимир Путиндин Федералдык Жыйынга кайрылган жылдык сөзүндө исламдык риториканы колдонуусу, Татарстандын президенти Руслан Минниханов Түркия менен Орусиянын тирешинде тарапсыз болуп туруп алуусу «бир боор энебиздин» көзүрү өлкөсүнүн мусулмандары окшойт деген ойго да салат.

Бетти даярдаган
ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Жумгалдыктар кар үстүндө көкбөрү тартты

**Тарыхый инсан, элдик ырчы Мыскал Өмүркановanын 100 жылдык маараkесине карата 2015-жылдын 12-13-декабрь күндөрүндө Жумгал районунун Чаек айылындагы «Жумгал-Ата» ат майданында көкбөрү оюну болуп өттү**



Жумгал районундагы Жумгал-Ата ат майданында улуттук ат оюну көкбөрү өттү. Бул мелдеш Мыскал Өмүркановaнын 100 жылдыгына арналган мелдеш болду. Жалпы байге фондуна 180 миң сом коюлуптур. Оюнга Суусамырдан 3 команда, Ак-Талаа районунан 2 команда, Нарын районунан 1 команда катышты. Жумгал районунан 7 команда чыгып, жалпы 13 команда болду. Биринчи болуп оюнга Ак-Талаа районунан келген «Тоголок Молдо» командасы менен Жумгал районунун «Чаек-Көк-Ой-Өрнөк» командалары кирип, 11:4 эсебинде «Тоголок Молдо» командасы утушка ээ болду. Экинчи оюнга Суусамыр өрөөнүнөн келген «Биринчи Май» командасы менен Жумгал районунун «Чоң-Дөбө» командасы ойноп, 6:1 эсебинде Суусамырдын «Биринчи Май» командасы утушка ээ болду. Жумгал районунун «Куйручук» командасы менен Суусамырдын «Кожомкул» командасы ойноп 4:2 эсебинде «Кожомкул» командасы утушка ээ болду. Андан кийинки оюнда Ак-Талаа районунун Жогорку Май айылынан келген «Кадыралы» командасы менен Нарын районунун «Кара-Жылга» командасы ойноп, «Кара-Жылга» командасы утушка ээ болду. Кийинки оюнда Жумгал районунун Таш-Дөбө айылындагы «Катаган» командасы менен Жумгал районунун Кызарт айылынан «Ийгилик» командасы беттешип 5:1 эсебинде «Катаган» командасы утушка ээ болду. Андан кийин Жумгал районунун Байзак айылындагы «Байзак-Ата» командасы менен Жумгал районунун «Жумгал-Ата» курама командасы ойноп, 7:1 эсебинде «Жумгал-Ата» командасы утушка ээ болду. Ошону менен жалпы 13 команда болгондуктан бир командага атаандаш табылбай биринчи айлампа аяктады.

Экинчи айлампада Суусамырдан келген «Кызыл-Ой» командасы менен Ак-Талаанын «Тоголок Молдо» командасы ойноп, 4:2 эсебинде «Ак-Талаа» командасы утушка ээ болду. Экинчи оюнда Суусамыр өрөөнүнөн келген «Биринчи Май» командасы ошол Суусамырдын «Кожомкул» командасы ойноп 10:0 эсебинде «Биринчи Май» командасы утушка ээ болду. Ушул жерден айта кетчү нерсе, «Биринчи Май» командасында «Сары-Өзөн» командасы менен мамлекеттик деңгээлдеги чоң оюндарга катышып жүргөн күчтүү балдар бар.

Андан кийин Нарындан келген «Кара-Жылга» командасы менен Жумгал районундагы Таш-Дөбөнүн «Катаган» командасы ойноп, 5:1 эсебинде «Кара-Жылга» командасы утушка ээ болду. Кийинки оюнда Жумгалдын мурунку айлампада атаандашы жок ойнобой калган «Жумгал-Ата» курама командасы менен Ак-Талаанын «Тоголок Молдо» командасы ойноп, 1:0 эсебинде «Жумгал-Ата» командасы утушка ээ болду. Андан кийин Суусамырдын «Биринчи Май» командасы менен Нарындын «Кара-Жылга» командасы ойноп 9:2 эсебинде Суусамырдын «Биринчи Май» командасы утуп, финалга ойномой болду. Финал башталып 3-4-орунга «Тоголок Молдо» командасы менен «Кара-Жылга» командасы ойномокчу болгон. Бирок, «Тоголок Молдо» командасы оюндан баш тартып, натыйжада «Кара-Жылга» командасы автоматтык түрдө 3-орунга чыкты.

Финалда Жумгалдын «Жумгал-Ата» командасы менен Суусамырдын «Биринчи Май» командасы беттешип, 2:0 эсебинде «Биринчи Май» командасы утушка ээ болду. Ошентип 1-орунга «Биринчи Май» командасы ээ болуп, 50 миң сом жана «Жумгал-Ата» ат оюндар федерациясынын дипломy менен сыйланды. 2-орунга «Жумгал-Ата» командасы чыгып, 30 миң сом жана дипломдор менен сыйланды. 3-орунга чыккан Нарындын «Кара-Жылга» командасына 20 миң сом жана дипломдор тапшырылды. Мындан сырткары оюнга келип, бирок байгеге илинбей калган командаларга дагы федерациянын атынан активдүү катышкандыктары үчүн дипломдор жана 9 миң сом өлчөмүндөгү акчалай сыйлыктар берилди. Ар бир командадан мыкты оюнчулар аныкталды. Андан тышкары, маданият кызматкерлерине, тартипти сактаган милиция кызматкерлерине акчалай ыраазычылыктар көрсөтүлдү.

### Жумгал ат оюндар федерациясынын президенти Шамырканов Нурланбек Муслимович:

Улак тартыш жогорку деңгээлде, эч кандай уруш-талашы, чыр-чатагы жок, аябай жакшы өткөрүлдү. Биз Жумгал ат оюндар федерациясынын атынан райондук администрацияга, бизге демөөрчү болгон депутаттар Автандил Кулбараковго, Канатбек Камбарбековичке жана акимибиз Абдылгазы Имангазиевичке терең ыраазычылык билдиребиз. Жакшы байгелерди коюп, аябай жардам беришти. Кудай буюрса, 24-декабрда Кочкор районунда чоң улак болгону турат, ошого Жумгалдан 2 команда алып баралы деп пландап жатабыз. Федерация жаңыдан түзүлгөн мезгилге салыштырмалуу азыр Жумгалдын командаларында өсүштөр болду. Себеби, Ак-Талаанын «Тоголок Молдо» командасы Нарын облусундагы эң күчтүү, чемпион командалардын бири болчу. Мындан сырткары, Нарындын «Кара-Жылга» командасы да күчтүү командалардан. Жумгалдын командалары мына ушулар менен беттешип утуштарга ээ болушту. «Таш-Дөбө» командасы да күчтүү командага туш келип, атаандаштарына татыктуу жеңилди. «Куйручук» командасы «Кожомкул» командасы менен жакшы оюн көргөздү. «Жумгал-Ата» командасы аябай сонун оюн көргөзүп берди. Мындан сырткары, федерациянын балдары оюн көрсөткөнү келген меймандарды үйлөрүнө жаткырып, атайын уюшкандыкта тосту. Аттардын чөбүнөн бери камсыз кылышты. Дагы бир өзгөчө белгилеп кете турган нерсе, Көк-Ой айыл өкмөтүнөн Абласан кызы Айзат деген айымыбыз да демөөрчүлүк кылды. Жыйынтыгында, ар бир команданын капитандарын чогултуп, ынтымакка чакырдык. Тартип маселеси да ойдогудай болду. Ичип алып, чыр-чатак чыгаргандар болгон жок. Себеби, биз ичимдиктерди ал жерге алып барып сатууга тыюу салганбыз. Федерациянын балдары Токтоналиев Таштанбек, Исмаилов Бактыбек жана ар бир команданын капитандары тартип маселесин колго алып, оюнду жакшынакай өткөрүп алдык. Автандил Кулбараков байкебиз 80 миң сом, Камбарбекович 20 миң сом берди. Калган каражатты акимибиз Абдылгазы Имангазиевич чыгарды. Жалпы байге 180 миң сом болду жана андан тышкаркы бардык чыгымдарыбызды кошкондо оюнга 200 миң сомдон ашык каражат жумшалды. Оюн көргөзүп берген баардык командаларга ыраазычылык билдиребиз.

*Жалпысынан нарындыктар өз жеринде күпүлдөп улак тартканы менен үйдө баатыр жоодо жок деген сыяктуу республикалык деңгээлде сөзгө аларлык ийгиликтерге жетпей келишет. Мунун себеби эмнеде экенин териштирип, жалпы өлкө деңгээлиндеги мелдештерде байге алгандарга кошулат деген үмүт бар.*

РАХАТ АКМАТОВА



Оюндун кызыгына кирген Биринчи Май жана Чоң-Дөбө командалары



Көк-Ой-Өрнөк-Чаек командасы



Кызык оюн көргөзгөн командалардын бири Куйпучук командасы



Оюнду уюштурган Жумгал ат оюндар федерациясы

# «Жихаддын төрөсү – адеп-ахлакты оңдоп, кулк-мүнөздү тууралоо»



Кыргызстан аалымдар кеңешинин мүчөсү, айтылуу Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды **SMS** же **WhatsApp** аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!

**1) Шариатта кабырга белги коюу кандай каралган? Кененирээк айтып бересиңиз?**

**Жооп:** Кабырга белги коюу шарияттыбызда айтылган. Кабырдын ээсинин ким экендигин тактап билүү максатында гана таш же ошол сыяктуу белгини койсо болот. Бирок, анын айкелин чектирип, же сүрөтүн чаптап, же Куран аяттарын жаздырып коюу туура эмес. Ысыраптыкка жол койбоо зарыл. Ошондой эле кабырды цемент же мрамор таш менен аба өткөрбөй каптап коюу да, заңкыратып күмбөз салуу да туура эмес. Ушунчалык эле маркумга урматсый көрсөткүсү келип жатса, ошол маркумдун атынан китеп чыгарып, элге бекер таратсын. Жетим балдарга кийим-кечек, кышка көмүр алып берсин. Жакшылык Кудай Таалам көрсөткөн жол менен болгондо гана сооптуу болот.

**2) Менин никемди окуп жатканда молдоке атамдын атын айтпай, башка атты айткан. Адашып кетсе керек эле. Эми эч нерсе болбойбу? Ортодо бир кызым, бир уулум бар.**

**Жооп:** Жок, эч нерсе болбойт. Никеге өзүңүз катышкан болсоңуз, баары жайында. Дегинкиси, адатта айылдык молдолордун көпчүлүгү карып калган болот да, кулактары укпай, эске тутумдары да эскирип, жедеп жышылып калган болот. Аларга нике кыйдырган учурда кыз менен жигиттин аты-жөнүн бадырайта жазып, колуна берип койгон жакшы.

**3) Таежем аракка аябай берилип кетти. Приступ болгонго чейин барат. Эки баласы тең чет өлкөдө жашайт. Эмне жумуш бүтүрөөрүн айтып акча алат да, жумушун да бүтүрүп, арак да ичип келет. Берген акчаларыбыз үчүн күнөөкөр болбойбузбу?**

*Каракол, Улукбек.*

**Жооп:** Жумушка деп алса, жумушка деп берсеңер, ал жумушун бүтүрсө, силер күнөөкөр болбойсуңар. Берер кеңешим, аны балдары менен чогуу жашап калуусуна себепкер болгула! Колуңардан келсе, ага акча кармaтпай, анын жумушун өзүңөр бүтүрүп берсеңер жакшы болот.

**4) Христиан дининдеги бир аял менен акыйнек айтышып жүрөм. Ислам боюнча дагы илими күчтүү экен. Мындай туурабы өзү? Анын суроолоруна такалып калып, бир-эки күн маалымат издеп, анан жооп берем. Өзүңүздүн же илимдүү адамдардын номерин берип койсоңуз. Ага жооптуу кечиктирбей берип турсам?**

*Бишкек, Болот.*

**Жооп:** Ислам боюнча күчтүү маалыматы бар аял болсо, ошол маалыматы бар туруп, сиздин маалыматтарыңызга анын кандай муктаждыгы бар экендигине таңмын? Адатта, акыйнек айтышууну, ошол илимди терең билгендерге калтыруу жакшы болот. Аны менен убакытты текке кетирбей, пайдалуу илим жана саалих амалдар менен алек болуңуз. Ал аялга Алланы улуктап, динибизди мактап, даават кыла бериңиз. Тагдырына хидаят жазылган болсо, хидаятка келээр, тозоктон башка тоорубаган болсо, каапыр бойдон аркы дүйнөгө кетээр, бара турган тозогуна бараар. Кудайым сактасын!

**5) Адашкан агымдардын ишенимине кирип, алардын таратып жүргөн китеп, кагаздарын чогултуп, жок кылып салсам күнөө эмеспи? Алардын каргышы тийиши мүмкүнбү?**

*Бишкек, Болот.*

**Жооп:** Болот, урматтуу Болот! Андай изги ишиңизге көңүл толот. Болгондо да кандай жакшы болот. Болмок турсун, эбегейсиз көп соопко теңдеш болот. Ошол жаман кагаздардын ичинде да Кудай Тааламдын аты жазылган болот. Андыктан аны таза жерге коюп өрттөп салсаңыз жакшы болот, урматтуу Болот! Билбегендер оозу менен орок орот. Андыктан, ардактуу Болот, күчүңүз ошол нерсеге корот. Андай жаман китеп тараткандарды, каргашалуу тозок оозу менен сорот. Абайлап, жакшы китептерди гана жаныңа жолот.

**6) Кызыгуучулардын деңгээлинде гипнозду өздөштүрүп алгам. Колдонсом күнөө эмеспи? Кез-кези менен жанымда жалгыз олтурган адамга айттыргым келген нерсени айттыра алам.**

*Бишкек, Болот.*

**Жооп:** Кылганың күнөө, кылган ишиң ишенип ала турган, жашап жаткан элиңда эңөө. Аны менен тапканыңмакүрөө, аны жеген балдарыңболот мажүрөө.

**7) Ички оргaндарын, мээсин чукуп алып салган адамды көмгөн туурабы? Ал кабырда кантип жооп берет?**

**Жооп:** Ага болбо кыжаалат! Кудайым сурак алганда, жансызга жанды салганда, баары келээр ордуна! Жоктон барды жараткан, бардан барды жаратаар! Кабырда кантип жооп берүүгө эмес, эмне деп жооп берүүгө кылгын далаалат. Деги эле, ал нерсеге болбогун кыжаалат.

**8) Жихадка барса бейишке чыгат деген чынбы, устаз?**

**Жооп:** Чын, берекем! Жихаттын эң эле төрөсү, адеп-ахлакты оңдоп, кулк-мүнөздү тууралоодо, напси-балээге алдырбай аны менен күрөшүүдө турат.

**9) 2007-жылдары Орусияда иштеп жүргөнүмдө Баткендик Мамлекет деген эже мага жасалма документ жасап берген экен. Документтин жарым акчасы берилип, жарымы бериле элек болчу. Калган акчаны төлөшүм керекпи? Мен ал эженин кайда экенин билбейм. Акчага муктаж адамдарга берип койсом болобу?**

**Жооп:** Жок, жараным! Мамлекет сага карыз, сен ага эмес. Акыйкат, туура жол болсун сага эс! Болбосун акылыбыз эч убакта нес!

**10) Менин иним бар. 20 жашта, үйлөнгөн. Иним дааватка барат, беш маал намаз окуйт. Ата-энени сыйлабайт? Ата-энеге жардам бербейт? Атам аны менен урушуп, ыйлап жүрүп жүрөгү ооруп калды. Үйлөнгөнүнө бир жыл болду, балалуу боло элек. Башкага үйлөнөм дейт. Кеңешиңизди бериңиз, устаз?**

*Москва, аты белгисиз.*

**Жооп:** Дааватка барганы чын болсо, намаз окуганы кадиксиз акыйкат болсо, анда ал сиз айткан терсаяк иштерге бармак эмес. Демек, анын намаз окуганы жалган, же окуйт, бирок, өзүн окуйм деп алдап жүрөт! Намаздын акыйкаты, улуулугу жүрөгүнө кирбептир. Андай намаздын барынан жогу. Жамандыктан кайтара албаган намазды Кудайым кабыл кылбайт, аны намаз деп эсептебейт!

Бул келесоо чалыш иниңе кантип кеңеш бермек элем? Келесоо чалыш дебегенде кантейин, сен айткан сөздөн диагнозу ошондой чыгып жатпайбы? Эми, бир тууганым, дуба кылалы жалпыбыз, оңолуп кетсин калкыбыз! Тазарсын биздин алкыбыз, түздөлсүн жаман шалкыбыз!

**11) Менин кызым ооруп реанимацияга түшүп, азыр жакшы болуп калды. 2 айлык. Кайненем канталаш кылып жибергиле дейт. Бир улак союп, чийки бойдон кошуналарга тараткыла деп жатат. Бул кылганыбыз туурабы?**

**Жооп:** Кайнене айткан кеп – туура кеп! Аны кыргыз түлөө дейт. Пайгамбарым алайхис салам айтат: "Садага балээлерди кайтарат, жамандыктан тосот!". Ошондуктан мусулмандар жамандык тооруганда эчки же козу-корпо соёт, жесин деп коңшу-колоң!

**12) Бир таанышымдын жолдошу ачуусу менен аялына жообуңду бердим деп айтыптыр. Бирок аялы үйдөн бир кадам чыкпаптыр. Анан кайра эле жарым сааттан соң жарашыптыр. Булардыкы кандай болду?**

**Жооп:** "Жообуңду бердим" деген кыйытма талак, ал талактын түшүүсү үчүн зарыл болот эркектен толук кандуу "ниет-талак". Антпесе, же жөн эле ачууланса, түшпөйт бир дагы талак.

**13) Менин атым Пиримкул. Сенин атыңдын мааниси Аллага ширк келтирет деп айтышат. Ушул туурабы?**

*Москва, Пиримкул*

**Жооп:** Кыргызда Кожомкул – кожомдун кулу, Пиримкул – пиримдин кулу деген аттар коюлуп келет. Менин жеке баамымда мындай ысымдардан ширк издөөнүн кажети жок. Анткени бул сөз айкалыштарынан пайда болгон ысымдардын мааниси, кулдай болуп кызмат кылсын деген маанини туюнтуу үчүн айтылган болуу керек.

Мисалы кожо дегенибиз, Пайгамбарзаада болуп, ошол заттардын кызматында болуунун мустахаб-зарылдыгын баса белгилеп, төрөлгөн перзент Пайгамбарзаадалардын кызматында кулдай болуп, ошолордон таалим алса деген аруу тилек.

Пир дегенибиз да инсандын руханий тараптан өсүп жетилүүсүнө тарбия берип, салымын кошкон тарикаттын устазына айтылат. Мисалы Фетхулла Гулен мырза да, Мавлаана Саьд да өз алдынча пирлер деп айтсам, эң бир жарашкан сөз болор эле. Ошолордун кызматында болуу шарапатын, урматын туйдурган маани.

Жогорудагы кожо жана пир-устаз дегендерди эч ким Кудай Тааламдын даражасына көтөрбөйт. Ошондуктан бул учурларда "акыйкат махжуура" эрежесине ылайык жогорудагы ысымдар менен атаса болот.

Ал эми Алыкул деген ысым, бир аз коркунучтуу. Азирети Алинин кулу деген маанини туюндурган бул ысым шииттерге тиешелүү акыйда. Анткени алардын кээ бирлеринин түшүнүгүндө азирети Алини "Кудай" деп да түшүнүшөт. Бул учурларда "акыйкат мамуула" эрежесине ылайык, Алыкул, Үметаалы, Алинур, Нурали деген аттарды өзгөртсө жакшы эле болот.

**14) Москвада иштеймин. Бизде кызыкка байлаар жигит жоктугунан 35ге чыккыча жалгыз боймун. Мага бакыт тилеп, бата берип коёсузбу?**

*Сизди урматтап, Айнузат*

**Жооп:** Эми, Айнузат берекем! Балмуздак жеп эле жүрө берсең, эртең жетимишке деле чыгып коёсуң, Кудайым өмүр берсе. Буту менен басып мурду менен тынган эркек болсо, аны оңдоп албай жаның жокпу?! Москванын мончосуна жакшылап салсаң, койду илгери кралинге салгандай болуп, жакшына жигит болуп чыга келет. Сен оозуңду куу чөп менен аарчыбай, ошол көз жашка ишенбеген Москвадагы бир миллион кыргыздын биринин этегин карма. Экинчи же үчүнчү болсоң деле макул. Эки аялды бага алган, көңүлүн таба алган эркек чынында мыкты эркек! Ал эми үч аялы барды ойлонбой туруп, депутат кылып алуу керек. Төрт аялы бар эркектер гана падышалык орунга татыктуу болуш керек!

**15) Кайненем балдарымды аябай эле каргайт. Өлүп калгырлар, туулбай калгырлар деп. Өзү эки жолу ажыга барып келген. Каргышы тиеби деп корком. Ар бир сөзгө периштелер "оомиин" деп турат дейт ко. Кеңешиңизди бериңизчи?**

**Жооп:** Эненин каргышы бок, атанын каргышы ок деген кеп бекеринен айтылбаса керек. Ошого, энеңердин каргышын алкышы деп эле түшүнгүлө. А байкуш кайнене айткан сөзүнө маани деле берe бербесе керек.

Кайненеге Кудайым чымчыктыкындай чымчым акыл насип этсе, сөзүнүн дөөдүрлүгүн баамдап калаар. Жакшылыктан үмүт үзбөйлүчү, үмүтсүз шайтан делет эмеспи...

**16) Коёнду аткандан кийин ит алып келсе, өкүмү кандай, жесе болобу?**

*Калык*

**Жооп:** Иттин тиши тийген жерди кыя кесип, итке "закускеге" тартуулайт.

**19. Атам ичкиликке берилип кеткен. Апамды уруп, урушуп эч тынчтык бербеди. Акыры апамды Москвага чакыртып алдым. Атам эми мага жашоомду сен буздуң деп оор сөздөр менен каргап жатат. Мас атамдын каргышы өтөбү? Апамды жиберсем, өлтүрүп коёбу деп корком. Атамдын каргыштарын уга берип, өзүм да сыгыла турган болдум.**

*Москва, аты белгисиз*

**Жооп:** Апаңды ура берсе, алып кеткениң сооп болуптур. Эми атаңды да алып барып алсаң, эки бакыр бир тукур болуп, сенин көзөмөлүңдө жашай берет. Соопту эки эселеп ала бересиң.

Бетти даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ


# КРОССВОРД

## Туурасынан

2. Адамдын күзгүсү
11. Баалуу кагазыбыз
12. Сересеп газетасынын редактору
14. Ш. Дүйшеевдин китеби
15. Заманбап жебе
17. ... атасын таанибайт
19. Көп эмес
20. Кыргыз рухунун туу чокусу
21. Эң атактуу мусулман боксер
22. Тазалык
23. Жайлоо эмес
24. Атактуу молдо
26. Бизге кошуна мамлекет
28. Жылан менен жылкыда жок
30. Каймана берилген чыгарма
31. Аттын ээрин куйрук менен бекитет
32. Самолеттун кыргызчасы
33. Дубалдан аттаган экс-депутат
38. Уста аял
39. Тамакты ачуулаткыч
41. Кышкы унаа
45. Бишкектеги кичи район
46. Жарыкта көрбөйт
47. Эки тогологу бар сан
48. Адамдын тоголок мүчөсү
49. Жомоктогу зор кишилер
50. Эстен кеткис омбудсмен
52. Ак төөнүн карды жарылган кез
53. Кербен унаасы
55. Адабият таануучу, публицист
56. Кумдуу ысык өрөөн
58. ... Месси
60. Күнөөсү жок, таза
61. Эң биринчи космонавт
64. Шабдан баатырдын атасы
65. Интернет айдыңындагы коомдук баракча

## Тикесинен

1. Атчандын куралы
2. Кыргыз киносу
3. Иттин .... тиктирем дегени
4. Сагызга жабышып калган машина
5. Кыргызча эт ченеми
6. Үй-бүлө башчысы
7. Аксакалдын көрдөн мурун барчу жери
8. Унитаздын кыргызчасы
9. Улуу манасчы
10. Кышкыга эт
13. Орус менен достошкондо ала жүрүш керек
16. Кыйылган балаты 1 айда не болот
18. Кыштын күчөп турган убагы
22. Кыргыз мушкери, Мыктыбектин каймана аты
25. Мурунку согуш куралы
27. Кең көкүрөк кымча бел ит
29. Вертолеттун кыргызчасы
30. Майда акча
34. Колуңду суукtан сактайт
35. 3 жашар жылкы
36. Үчүрдүн залкар төкмө акыны
37. Тогуз уулдун кенжеси
40. Адамдын өз напсиси менен күрөшүүсү
42. Окумуштуу, профессор деген мааниде
43. Кыргыздын улуттук тамагы
44. Ыйлаткан жемиш
46. Аны тепмейин ат мине албайсың
51. Ат таптаган киши
52. Адабий клуб
53. Малдын бир жылдык түшүмү
54. .... жаңылган турбайт
55. Беш манжанын бири
57. Манас эпосундагы Ат-Башылык баатыр
59. Таптаза, эч күнөөсүз адам
62. Талбаган аракетчил
63. Ылдам жүргөн чакан кайык



# Кышында кырсык көп болот

Кыш мезгилинде жолдор тайгак келип, ар кандай кокустуктарга кабылышыбыз мүмкүн. Айрыкча, мындайда адамдар катуу нерсеге урунуп алып, сөөктөрүнө чейин доо кетирип алышат. Мына, ошондой учурда эмне кылуу керек? Эмесе травматолог Усубалиев Кубанычбек Болотбековичтин кеңештерине көңүл буруңуз, окурман!



Травматолог Кубанычбек Усубалиев рентген сүрөтүндө сыныкты көрсөтүүдө

## Жараат алуунун себептери

Жараат алуунун себептери ар кандай болот. Мисалы, курулушта иштеп жатканда үстүнө бир нерсе түшүп кетиши мүмкүн, же бийик жерден кулап кетиши мүмкүн. Же станокто иштеп жатып, колдорун алдырып иет, же кесип кетет дегендей. Ал эми экинчи түрү, бул күнүмдүк турмушта эле кайталанчу көрүнүштөр. Үйдө, короодо жакшынакай эле жүрүп, күтүүсүз кокустукка кабылабыз. Үчүнчү түрүнө болсо, спорттук машыгуулар себепкер болот. Бул чегинен ашыкча көнүгүү жасоо, же катуу соккуга кабылуу, көнүгүү аткарып атып жаңылыш кадам таштап жыгылуу ж.б. жаракат алчу себептер бар. Мына ушулардан сырткары, азыркы кыш мезгилиндеги жолдун тоңголугу да ар кандай жаракат алуубузга, же бир жерибизди сындырып алуубузга себепчи болот. Ошондуктан бул нерселердин алдын алуу – ар бирибиз үчүн манилүү.

## Эгер бир жериңди сындырып алсаң...

Эгерде бир жериңди кокустатып, же сындырып ала турган болсоң, эң биринчи кезекте жаракат алган жериңдеги муундарды кыймылдабай тургандай кылып таңып таштоо керек. Муну кыргызда шак-шак коюу, же шак-шактоо деп аташкан. Мисалы, турмуш тиричиликте адамдын жанында картон болушу, же жыгач болушу мүмкүн. Кыскасы, ушул сыяктуу нерселер менен сынган жер бекем таңылса, анда анын ооруткану да азайып, сакаюусу тездейт. Эгерде урунган жер канай турган болсо, жогорудагы көрүнүш жасалат. Болгону сынган, канаган жерди ошол жаракат кеткен жерден жогорураактан таңган жакшы.

## Врачка убагында кайрылуу

Мындай кырсыкка кабылган адам сөзсүз врачка кайрылышы керек. Эгер убагында кайрылбаса, сынган жер туура эмес бүтүп калышы мүмкүн. Эсиңизде болсун, катуу урунган жер сынган болсо, анда ал жер көгөрүп, шишик пайда болот да, жан сыздаткан оору менен коштолот.

## Биринчи жардам

Жаракат алып келгендерге биринчи жардам катары ооруну басаңдатуучу ийне саябыз. Анан рентгенге салып кайсыл жери кандай сынганын аныктап, ошого жараша дарылайбыз.

## Сыныктын түрлөрү

Сыныктын түрлөрү бар. Биринчи эң жеңил түрү бул жарака. Мындайды дарылоо да оңоюраак келет. Ал эми экинчи түрүндө сөөк сынып, кыйшайып калат. Бул учурда дарылоо кичине оорураак болот.

Эгер сөөк сынган калыбынан бир аз өйдө, же ылдый кыйшайып калган болсо, анда аны ошол ордунан жылдырбай тим коюңуз. Себеби, ары-бери жылдырам деп кайра көбүрөөк зыян келтирип алышыңыз мүмкүн.

Эгер сынган жер өтө эле оркоюп турган болсо, анда шак-шактап таанардан мурда аны түздөп, туура коюуга аракет кылып көрсөңүз болот.

Сөөктөр канчалык тез жана туура ордуна коюлса, ошончолук тез сакаят.

## Кабырга сынганда

Кабырга сынуы өтө катуу ооруутат. Бирок, көпчүлүк учурда ал өзү эле түзөлүп кетет. Мындайда көкүрөккө шакшак коюп байлоонун зарылчылыгы жок. Эң жакшысы аспирин ичип эс алуу. Өпкөнү таза сактоо үчүн, ар эки саатта 4 – 5 жолу терең дем алып туруу керек. Муну нормалдуу дем алганга чейин жасай берүү керек. Оору айыккыча бир-эки ай өтүп кетиши мүмкүн.

Демейде сынган кабырга өпкөнү тешип кетпейт. Эгерде кабырга терини тешип кетсе, же жөтөлүп, кан түкүрсө, дем алуусу оордоп баратса, анда сөзсүз медициналык жардамга кайрылыңыз.

## Жашка жараша оору айырмаланат

Мындайда карыларга караганда жаштарды айыктыруу жеңилирээк. Жаштардын муундары да жаш болуп, бат калыбына келүүгө ыңгайлуу болот. Ал эми карылардыкы бир аз кыйыныраак.

## Сынган сөөктөр канча убакта айыгат?

Адамдын жашы канчалык улгайган сайын, же жарааты оор болгон сайын, анын айыгуусу дагы ошончолук кечеңдейт. Жаш балдардын сынган сөөгү тез эле айыгып кетиши мүмкүн. Ал эми улгайгандардыкы көп убакка созулат. Ошондуктан ар дайым өзүбүзгө сак бололу.

## Эскертүү

Сынган сөөктөрдү ордуна коём деп ден-соолугуңузду катуу жабыркатып алышыңыз мүмкүн. Негизи мындай иши тажыйрбасы бар адам менен жасаганыңыз оң. Канткен күндө да, сыныкты катуу тартып ийүү, же күчкө салуу туура эмес.

Даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ





